Кырг. С / Б18



# «БАЙЧЕЧЕКЕЙ»

## БАЛДАРГА





# ЖАЗ ГҮЛҮНӨ АТЫ УЙКАШ

Ар нерсенин затына аты шайкеш болот деген кеп жашайт, эл ичинде. Мүмкүн, анын чындыгы бардыр, мүмкүн, жоктур... Бирок, жазгы ызгаар суук илебине туруштук берип, айланада ала-телек кар жатса да, муздак кыртыштан башын кылтыйтып, жамырап чыккан көктөмдүн биринчи гүлү-байчечекейге таңгаласың, үлбүрөгөн назик көркүнө суктанасың.

Соңку 20 жылдагы рыноктун борошосуна бой бербей, ай сайын кичинекей окурманына ысык саламын жазбай айтып келаткан «Байчечекей» журналынын өмүр жолун ойлогондо, ырас эле аты тегин коюлбаса керек деп кетесиң. Бул эми, жөн гана кеп оролу келе калып айтылган сөз.Кеп түйүнү – башкада.

Кымбаттуу кичинекей достор! Бул китепти колуңарга алганда, мындан 35 жыл илгери, дал силердин азыркы, башталгыч класстагы курагыңардагы, балдар-кыздардын кызыктуу жомок – табышмактарга, тамашалуу кооз сүрөттөргө, ыр – жаңылтмачтарга толгон «Байчечекей» деп аталган өз журналын колдоруна биринчи ирет алган учурдагы кубанычын элестетип көргүлөчү.

«Байчечекейдин» туңгуч сандарын сүйүнүп окуган бөбөк бул күндөрдө бой жетип, өзү да бала-чакалуу болуп, уул-кыздарынын колундагы аты тааныш журналды кубанып барактайт. «Атанын сөзү – акылдын көзү», «Сайкал апанын сабактары», «Күлбөй турган жорукпу?» «Тууган жердин аттары», «Эмне үчүн минтип айтабыз?» деген рубрикалардын алиге жашап келатканына күбө болуп, асыресе, «Байчечекейдин баштырматарлары» аттуу көңүлдүү бетин кичине чагындагыдай жылмайып окуйт.

«Байчечекейге» үзбөй жазылып, окуп жатсаң деле журналдын кезектеги саны коюлган жердеги 321... деген кошумча санды билбешиң ыктымал. Ал сан ошо 1977-жылдан бери ай сайын жарык көргөн журналдын



катар эсеби. Бул - «Байчечекейдин» жайнаган китепчелеринин жалпы саны 321 ге жетти дегендик. Быйылкы жылдын аягында ал цифра 330 болуп өзгөрөрүнө өзүң ынанасың.

Журналга чыккан ыр, жомок, табышмак, кызыктуу окуяларды, сен, албетте, «Алиппе», Адабий окуу» жана «Класстан тышкаркы окуу» деп аталган китептериңен да кайталап окуп калып жатасың. Бул болсо, кеңештеш, акылдаш, сырдаш досуң – «Байчечекей» мектептеги билим, таалим-тарбия иштерине алгачкы санынан баштап жардамдаш болуп, ошол эле учурда материалдары ар кандай окуу китептерин түзүүдө илимпоз педагогдор үчүн өзүнчө эле кенчказынанын милдетин аткарып жаткандыгын далилдейт.

Тандамал жыйнакка журналдын 35 жыл аралыгындагы бардык авторлорубузду камтуу мүмкүн эмес болсо да, жагдайга жараша аракеттер жасалды. Келечекте китептин бул сериясын дагы да улантуу – ойдогу иш.

Акырында айтарыбыз: Аталган китептин чыгышына финансылык демөөрчүлүк көрсөткөн Республикалык патент кызматынын жетекчилигине чоң ыраазылык билдиребиз жана уюмдун жалпы жамаатына чыгармачылык жаңы ийгиликтер каалайбыз!

**Токтосун САМУДИНОВ,**
*«Байчечекей» журналынын биринчи санынан берки Баш редактору. Кыргыз Эл акыны.*

# КАДАМДАЙ БЕР, «БАЙЧЕЧЕКЕЙ»!

**Чыңгыз АЙТМАТОВ,**
*Кыргыз Эл жазуучусу,*
*Лениндик жана Мамлекеттик*
*сыйлыктардын лауреаты.*

Эзелтеден, кылымдар бою ар бир элдин жүздөгөн, миңдеген муундары жыйнаган жана сактап байыткан рухий казынасы, алардын турмушка, айлана-чөйрөгө, табиятка, окуяларга, коомго, адам баласынын жалпы эле дүйнөгө болгон көз-карашы, ой-санаасы, түшүнүгү, мамилеси эне тил аркылуу калыптанып, такталып, толукталып, иргелип, бүгүнкү күнгө, тарыхый эстелик, улуттук аң-сезим кенчи эне тил аркылуу гана өздөштүрүлөт, кошумчаланат, арттырылат. Бул ченемдүүлүк, бул касиет эне тилибиз — кыргыз тилине да тиешелүү. Ал эми ата-бабанын тилин адепки «апа», «ата» деген сөзгө оозангандан тартып, наристе куррактын ичинде жакшылап үйрөнүп албаса, кийин кечеңкиреп, кыйындап калышы ыктымал. Мындай зор максатты, талапты жүзөгө ашырууда жеткинчектердин жаңыдан кас-кас туруп, кадам шилтеп олтурган «Байчечекейинин» мүмкүнчүлүгү аябай көп. Анткени, тиги же бу элдин журт болуп калыптангандан берки жана азыркы кездеги ыйык тилек-ою, эңсөөсү, алпечтеп барктаган сапаттары, ар намысы жакшы-жаманды, ак-караны ылгап ажыратуу жиктери тил менен кошо келечек ээлеринин сергек аң-сезимине чубап кирет, алардын канына сиңет.

Жеткинчектерди сулуулукка, кооздукка, назиктикке үндөөчү жана жетектөөчү, алардын ички дүйнөсүн, табитин байытуучу, тарбиялоочу мыкты куралдын бири ушу «Байчечекей».

Алгачкы жылдын ичинде эле «Байчечекей» Кыргызстандын булуң-бурчуна кеңири таркап, миңдеген балдардын ай сайын жолугушчу кадыркеч досуна, биринчи китепчесине, сезимтал окутуучусуна айланды. Бөбөктөрдүн баш журналы сандан санга, жылдан жылга өзүнө жүктөлгөн чоң милдеттерди мындан ары да ийгиликтүү аткараарына, балдарды элди, жерди, Мекенди сүйүүгө тарбиялоодо кыйла салым киргизээрине мен толук ишенем.

*1977-жыл.*





*Сооронбай ЖУСУЕВ*

## БАЙЧЕЧЕКЕЙ

Жашыл дөңгө, көк көлгө
Жамгыр төгүп өткөндө,
Байчечекей гүл ачып,
Бажыраят көктөмдө.

Бул ак гүлдү эл күтөт,
Бул ак гүлдү жер күтөт.
Бул гүл жерди кооздоп,
Бул гүл көңүл эргитет.

Көз кубанткан башкача,
Көркүн болот мактаса.
Наристеге ал окшойт
Назик, сергек, таптаза.

Байчечекей – жапжаш гүл,
Бак-таалайлуу аппак гүл.
Ала-Тоонун балдарын
Алга сүрөр Максат – гүл.

*1977-жыл.*

## ЖАЗ КЕЛГЕНДЕ

Адырлар көк чөп жамынып,
Аркырап суулар агылып,
Жадырап шайыр жаз келди
Жаш балдар күткөн сагынып.

Тоо жакка балдар барышып,
Топ ойноп, чуркап жарышып,
Күч сынашты таймашып,
Күрөшүп торой чалышып.

Көп күүнү угуп дайрадан,
Көп гүлдү көрүп жайнаган,
Кушубак болду бардыгы
Куштарды көрүп сайраган.


Кызыкка батып эс алып,
Кыштакты карай бет алып,
Кечинде ырдап кайтышты
Келгенсип баары «беш» алып.

## КҮН МЕНЕН ТОРГОЙ

Тоонун таңы атканда
Торгой чыгат асманга.
Күн асмандан нур төгөт,
Торгой жерге ыр төгөт.

Нурдан гүлдөр албырат,
Нурдан жыргайт жалбырак.
Ыр көңүлдү сергитет,
Ыр көңүлдү эргитет.

Ыр менен гүл болбрсо,
Нур менен күн болбосо,
Кантип көңүл шат болмок,
Кантип жерде жаз болмок.



*Жалил САДЫКОВ*

## ЧЫМЫЛДАК

Келгиле ойнойлу,
Чикитти чабышып.
Келгиле ойнойлу,
Чымылдап жарышып.
Чаба бер чикитти,
Чаба бер алыска,
Мен кеттим биринчи,
Чымылдап жарышка.

Чабалекей чам-чум,
Жеткен жетип алсын.
Чабалекей чам-чум,
Жетпегендер калсын,
Чымм...

Калганда жакындап
Маранын арасы,
Кап аттиң, дем алып
Койгонум карачы.
Кайра чап чикитти,
Токтогон жеримен.
Дем албай чуркаймын,
Дем албайм эми мен.

Чабалекей чам-чум,
Жеткен жетип алсын.
Чабалекей чам-чум,
Жетпегендер калсын,
Чымм...

Эсепке кошулбайт,
Жанагы тынганым.
Жүргүлө, көргүлө
Ишенбей турганың.
Жүргүлө баарыңар,

Чуркайлы кошулуп.
Бир тынбай марага,
Келемин озунуп.

Чабалекей чам-чум,
Жеткен жетип алсын.
Чабалекей чам-чум,
Жетпегендер калсын,
Чымм...


## КАНДАЙ ЖАРДАМ БЕРЕМИН?

Алып келди апакем,
Бир топ жөжө, сап-сары.
Кызыктырды алардын,
Чыйпылдашып жатканы.

Кошуп берсе жемине,
Жумурткадан бышырып,
Жанталашып баарысы,
Чокуп жатты кызыгып.
Бири жемге эңкейсе,
Аны бири талашып,
Бирин, бирөө жөн эле
Жөөлөп кетет баратып.
Ал жөөлөсө, беркиси
Көмөлөнүп жыгылып,
Аны барып башкасы
Басып өтөт ныгырып.
Бирин-бири чокулайт,
Билбейт окшойт өздөрүн.
Соолутабы деп корком
Кокусунан көздөрүн.
Бири барып жыгылса,
Ага бирөө карабай,
Чачкан жемди кор кылып,

Тепсеп жүрөт аябай.
Арасында эстүүрөк,
«Кой» дечүүсү жок экен.
Кип-кичине жөжөлөр,
Тентек экен, шок экен.
Чыйпылдашып чокушкан,
Тентектиктин себебин:
Көрбөгөндөн, – деп ойлоймм
Тарбиясын эненин.

Билбей турам, буларды,
Кантип тыюу керегин.
Кантип тилин табамын,
Кандай жардам беремин?



*Жолон* ***МАМЫТОВ***

## БИЗ ЖЕТЕЛИ БИРИНЧИ

Барбайм эми бакчага
Ойну мага жакса да.
Оюнчуктар чуулдап,
Кел, кел, дешип жатса да.

Күйүкпөстөн ашыгып,
Таңдан туруп машыгып,
Китепкабым иреттейм
Калбас үчүн шашылып.

Бир кутуда түр калем,
Бир кутуда дептерим.
Алиппемдин эч качан
Айырбаймын беттерин.

Таң атыптыр, сүйүнчү!
Апакебай, кийинчи.
Жаркыраган мектепке
Биз жетели биринчи!

*Абзий* **КЫДЫРОВ**

## ТОҢКУЛДАК

Оюн унут таштальп,
Жаңы сабак башталып,
Ар бир сөзү агайдын
Ойдо турду жатталып.

Бузуп сонун тынчтыкты,
«Тоңк, тоңк» эткен үн чыкты,
«Агай, мүмкүн бекен?» – деп,
Араң бирөө унчукту.

Оюбуз бүт бузулуп,
«Жалт» бурулдук кызыгып.
«Тоңкулдак го бул анык?» –
Деди бирөө кычыгып.

Баары түгөл өңдөндү,
Көз жүгүрүп санасак.
Калдар экен кайран эр
Баш бакканда карасак.

Тоңкулдак! – деп ал күндөн,
Ат табылып Калдарга,
Онунчуну бүткөнчө
Күлкү болду балдарга.

Калдар сымал жаңы атка,
Конбойм десең бөбөгүм,
Эрте туруп кечикпей
Мектебиңе
жөнөгүн.


## КУБАНГА ЭМНЕ ЖАКТЫ?

Китеп алып, партага
Биринчи ирет олтуруп.
Кубан келди кучагын,
Кубанычка толтуруп.

Тосуп эшик алдынан,
Ортого алдык баарыбыз.
Элестеди мектепке,
Жаңы барган чагыбыз.

– Жакшы бекен окуган? –
Айтчы, угалы кана биз.
– Сабагынын баарынан
Жакты мага танапис.

Кыткылыктап биз күлсөк,
Ызаланьп аз ойлоп:
– Бардыгынан жакканы,
Сабак, – деди, кайра оңдоп.





*Токтосун САМУДИНОВ*

## ЧЕГИРТКЕ

Жерге жатып көмүскө,
Үн чыгарып эң ичке
Кайда экенин таптырбайт
Караңкалгыр чегиртке.

Чыр-чыр эткен үнү үчүн,
Тынчыбаган күнү-түн.
Кармайбыз деп баарыбыз
Үч көтөрдүк үй ичин.

Астын тинтип үстөлдүн,
Мен да эки бүктөлдүм.
Арасынан издедик
Апам жыйган жүктөрдүн.

Диван асты тар экен,
Көптөн берки чаң экен.
Майда-чуйда буюмдун
Баары ушунда бар экен.

Кыйнаптырбыз Абылды,
Үстүн көпкө кагынды.
Жакшы жери – үйдөгү
Жоголгондор табылды.

## ЧОҢ АТА

Аппак сакал ал кары
Айлыбыздын ардагы,
Өзү багын өстүрөт
Өрүк, чие, алманы.

Ар мөмөсү мөлтүрөп,
Алгынды эле келтирет.
Бизге тааныш жемиштин
Биз билбеген сорту көп.

Жыйнаганда түшүмүн,
Баары көрөт үзүрүн.
«Алгыла!» – деп жылмаят
Ала-Тоолук Мичурин.

Чакырбай тим кирбейбиз,
Саламдашпай жүрбөйбүз.
«Чоң ата» деп айтабыз,
Бирок, атын билбейбиз.



*Асан* ***ЖАКШЫЛЫКОВ***

## АКМАТБЕКТИН ЖОРУГУ

Машинени көрсө эле
«Алып бер» деп кыйнаган.
Оюнчуктун түрлөрүн
Гаражына жыйнаган.

Чачып салып аларды,
Ойноп бүтсө жыйбаган.
Жерге уруп сындырган
Тилди укпай чыр кылган.

«Алып бер деп жаңысын»
Ата-энеге ый кылган.
Акматбекти карачы –
Дагы оюнчук алып бер, – деп,
Ыйлап жатат чамасы.


## ЭМИЛ ООРУП КАЛЫПТЫР

Жөндөп тамак ичпеген,
Көңүлү жок иш менен.
Үйдөн чыкпай үңүлүп,
Телевизор тиктеген.

Өз кийимин жыйбаган
Өзү жумуш кылбаган,
Кыйынсынып ар кимди
Кыйраткансып сындаган.

Көп билем деп болжогон,
Кечке чейин козголбой.
Компьютерде ойногон,
Ден соолукту сакташты

Элес алып койбогон.
Эмил ооруп калыптыр
Ата-энесин эч укпай
Убарага салыптыр.



*Байтемир АСАНАЛИЕВ*

## ЧОҢ АТАМ

Чоң атам бар токсондо,
Өрт чыкканда батыштан
Жоодон коргоп Мекенди,
Ал согушка катышкан.

Мээлегенин мерт кылып,
Душман менен атышкан.
Ок жаңылып бутуна,
Жараланган капыстан.

Жапжаш экен чоң атам,
Кан майданга барганда.
Ал жылдарын жомоктоп,
Айтып берет балдарга.

Сылтып басат азыраак,
Колунда бар таягы.
Күн бүркөлсө оорутат,
Алган жарат баягы.

«Аман сактап калдык, – дейт,
Ала-Тоодой конушту!»
«Жеңиш!» деген күү чертет,
Колуна алып комузду.

Көкүрөктө жаркырайт
Ордендери, медалы.
«Жоону жеңген жоокер!» –деп,
Кадырлашат эл аны.

## КАРГА

Мен – каргамын, каргамын,
«Карк-карк» этем ар дайым.
Каалабай сууну, самынды,
Капкара болуп калгамын.

Каркылдаган каргамын,
Мончого бир да барбадым,
Өзүмдү тартып капкара –
Жуунбаган балдарым.

Көп куштар бизге күлөрүн,
Көрүп да жүрөм...билемин
«Түш, – дейби деп, – көлмөгө»,
Түшүп турат жүрөгүм.

## САГЫЗГАН

Эмнеге ала-буламын?
Эй, балдар, уксун кулагың?
Тамаксоолук жайым бар
Чала-була жуунамын.

Мен болом сук сагызган,
Кызылды көрсөм алыстан,
Учуп жөнөйм «эт го»деп
Жуунуп жаткан арыктан.

Шакылыктап турамын,
Шашып чала жуунамын.
Агаргыча сүртүнбөйм
Андыктан ала-буламын.

*Каныбек ЖУНУШЕВ*

## АПАМ

Март майрамын куттуктап,
Аяп үзүп бир-экөөн,
Апакеме арнадым,
Ачыла элек гүл экен.

Апам кысып бооруна:
– Бактылуумун эми мен,
Десе, ачылып кетти гүл
Анын ысык деминен.

## ИЙНЕ

Илгертеден белгилүү
Ийненин ишкер өнөрү.
Өзгөгө көйнөк тиксе да,
Өзүнүн жок көйнөгү.

## ЖЫЛАН

Койкоңдошуп чуркаган
Көрдүм коён, башканы...
Кызык экен жыландын
Жатып алып басканы.

## КҮЧҮГҮМ

Кызыл-тазыл жайнаган
Гүлгө толгон айланам.
Гүлгө оонайт күчүгүм
Моюнунан байлаган.
Менден күлүк, тыңыраак,
Ал жеткирбейт зымырап.
Кооз гүлдүн жытына
Жыргап оонап, жыгылат.

## КОРОЗ

Корозубуз кыйкырып,
Ойготот бүт айылды.
Көйрөңдүгү болбосо,
Мүнөзү бар сабырдуу.

Койколондоп жүргөнү
Корообузга жарашат.
Ошол короз кыйкырса,
Анан барып таң атат.

## МОМПОСУЙДУН ТИЛЕГИ

Мени жеген ким эле?
Тилегим бар бир эле:

Оорутуп таза тиштерин
Озондотом тим эле...

*Акбар* **РЫСКУЛОВ**

## ЧАПКЫЛА

Айылдагы бөбөктөр
Азоо тайды минишет.
Ат жабдыгын сурасаң,
Абдан жакшы билишет.

Тердик, желдик, көрпөчө,
Тизгин, суулук, жүгөн, – дейт.
Ак каңкы ээр, басмайыл,
Ат жабдыгы түгөнбөйт.

Ашкан күлүк ат мына,
Арпа берип баккыла.
Жал-куйругун түйгөн соң,
Жибек жабуу жапкыла.

Көмөлдүрүк каткыла,
Куюшканды таккыла.
Үзөңгүнү кере тээп,
Күндү көздөй чапкыла!

ОШСКАЯ
областная детская
БИБЛИОТЕКА
инв. №252219

*Жакыпбек* **АБДЫЛДАЕВ**

## ТАППАЙ КАЛСАК – ЖАРАБАС

Күлүк, жорго сууткан,
Саяпкер көп элде дейт.
Куш таптаган адамды,
Айткылачы эмне дейт?

(мүнүшкер)

Төбөсүндө жолу бар,
Жол кармаган «колу» бар.
Барам десең бир жакка,
Жүргүнчүсү болуп ал.

(троллейбус)

Сүт, айраны аралаш,
Дагы далай тамак-аш.
Эч бузулбай сакталат,
Бул эмне? Ким табат?

(муздаткыч)

Каска кийип калдайган,
Лампа тагып маңдайга.
Түпкүрдөн кен казган ким?
Айтып берчи балдарга.

(шахтёр)

Кар жааганда көрөбүз,
Ал кишини короодон.
Качып кетет, жаз келип,
Күн тийгенде ободон.

(кар киши)

Үрбөйт, каппайт, тиштебейт,
Же бир жытты искебейт.
Атын тапсак биз мунун,
Ал-кадимки...

(ит мурун)

## КҮЧҮК КҮЛӨТ

Тийип койсом жинине,
Үрүп калат күчүгүм.
Ойногондо сүйүнө
Күлүп калат күчүгүм.

Бир эле «сөз» билгени
Ал сөз – «ав-в» деп үргөнү.
«Ав-в» дегени күчүктүн
Таарынганы, күлгөнү.

## ӨТКҮН

Булут алыс түртүлүп
Көктө турат күн тийип.
Ошол булут Күн бетин
Жаап калса үңкүйүп,

Күн мындайды көп сүйбөйт:
– Далдоо болбой кеткин, – дейт.
Кабагыңды бүркөбөй,
Жерге жашың төккүн, – дейт.
Булут «ыйлап» басылат –
Бул учурду «өткүн» дейт.

## ЖАЗ КЕЛГЕНДЕ

Бак-дарактты кийинтип,
Жамгырына киринтип,
Курт-кумурска дегенди
Жыланайлак жүгүртүп,
Жаз башбакты жергеме
Жаш-карыны сүйүнтүп.

Булбул сайрап мукамдуу
Чөптүн бою узарды.
Өрүк акка боёнуп,
Кызгалдактар кызарды.
Көңүл көккө талпынат –
Көгүчкөндөй учамбы?

*Жолоочу* **РЫСПАЕВ**

## ТОКОЙДОГУ ОКУЯ

Улуу тоолор жаңырды,
Укмуштуу үн чаңырды.
Жарым жандуу коркоктор,
Жалбыракты жамынды.

Оңолбогон кашкулак,
Ойго келбей жакшырак:
– Өлдү, – деди, – бирөөлөр
Өөдө жактан таш кулап.

Ойлонобу өзгөнү,
Оздон түшүп сөздөрү.
Коңулдардан жылтырайт
Коёндордун көздөрү.

Калкала деп башымды,
Капыстан таап акылды.
Үлүл менен ташбака,
Үйлөрүнө жашынды.

Токой ичи дымырап,
Жүргөн жан жок кыбырап.
Сүрдөгөндөн арстан
Сүйлөп калды шыбырап.

Билинбеген шок экен,
Билбегени жок экен.
Кичинекей короолу,
Учуп келсе болобу!

Сураштырсак, кокуй аа!
Мындай экен окуя:
Чыкпайсың деп жумушка,
Чыпалагын аюунун
Чымчып коёт кумурска.

Бал берсе да басылбайт,
Баардык аары жабылып.
Баракелде аюуга,
Бакырыптыр чаңырып.



*Сулайман* ***РЫСБАЕВ***

## ШААРДАГЫ БӨБӨККӨ

Айылда бар алп казан
Асылган алп тулгага.
Айдын нурун жамынган
Ак боз үй бар жылгада.

Алп казанда толтура
Таалай жана ырыскы.
Ээси болот, аткарган
Опол тоодой жумушту.

Анда, келип айылга,
Ырыскыдан татып көр.
Ак боз үйдө ал түндө,
Түндүк тартпай жатып көр.

*Нурпаис ЖАРКЫНБАЙ*

## ЖҮРСӨҢӨРЧҮ ТАЛАШПАЙ

Биринин аты – Таразбай,
Экинчиси – Адашбай.
Бул эгиздер, бирок да,
Кыялдары жарашпай,
Жүрө алышпайт талашпай.

Ай-боюңа келчиби?
Айткандарын берчиби?
Өтүк турсун, кээде экөө,
Өздөрүнө энчилүү
Аттарын да талашат.

Болбогонду болтурган,
Тең жарыша кол сунган,
– Бул меники, аний! – деп,
Төрдө иштеп олтурган,
Апасын да талашат.

Жоруктары жарашпай,
Аттарына карашпай,
Чакырышат экөөнү:
– Ээ-й, Талашмай, Талашмай,
Жүрсөңөрчү талашпай?!

*Жээнбай* ***МАМБЕТАЛИЕВ***

## ШАШАМЫН

Жууп идиш-аякты
Жардамдашам апама.
Газет менен китебин,
Камдап коём атама.

Атам, апам кечкурун,
Чарчап кайтат ишинен.
«Бат келсе деп дем алыш»
Тилеп турам ичимен.

Чоң энемдин жанында
Жомок угуп жатамын
Мектебимди ойлойм да,
Таң атса деп шашамын.

## КЕЛ, КЕЛЕГОЙ...

Чала чыккан тили бар
Менде сүйкүм ини бар.
Чөгөлөйм да, айтамын:
«Кел, келегой, минип ал».

## КӨЛДӨ

Көл жээги. Кумдар үйүлүп...
Толкундар жатат түрүлүп.
Чардактар менен жарыштык,
Жээкти бойлой жүгүрүп.

Көлдү биз жакшы көрөбүз,
Күнүнө күйдү денебиз.
Сагынбай чыдап күтүп тур,
Жайында кайра келебиз.

*Асанбек* ***ИМАНБАЕВ***

## ЧОҢОЁ ТҮШТҮМ

Чепкенди кийип чебердеп,
Черкибай басып нараакка:
– Чоңоё түштүм, кара! – дейт
Чоң атамдай заматта.

## ТЕПСЕТИП АЛАМ

Чыбыкты минип ат кылып,
Чымылдап чуркап Качкыным:
– Тескери кетип атым, – дейт
Тепсетип алам, качкының!



*Нариман Баки-ЗАДЕ,*
*Тажик акыны.*
*Которгон Жапаркул*
*АЛЫБАЕВ*

## ЭМНЕ ТАТТУУ БААРЫНАН?

Суроо сурайм баарыңан:
– Эмне таттуу баарынан?
– Ала карга аңкоого,
Ак кар таттуу мактоого.
Узун моюн төөгө,
Жантак сонун жээгө.

Тыйын чычкан чапчаңга,
Аламан тарткан жол-сапар
Суудан таттуу эмне бар?
– Жалкоогочу, майтаман?
– Бекер нан деп айталам.
Аарыларга бал таттуу,
Коркокторго жан таттуу.



*Ысмайыл* ***КАДЫРОВ***

## БЕШИК ЫРЫ

Өйдө болсом өбөгүм,
Ылдый болсом жөлөгүм.
Ата-эненин бактысы,
Алдей-алдей, бөбөгүм!

Туура сүйлөп, түз жүргөн,
Эстүү болоор бекенсиң.
Жаман-жуман адаттан
Алыс болоор бекенсиң.

Окумуштуу, жазуучу,
Чыгаан болоор бекенсиң.
Эл намысын коргогон,
Кыраан болоор бекенсиң.

Түптүү кыргыз урпагы,
Экениңди биле жүр.
Айкөл Манас атаңды,
Көңүлүңө түйө жүр.

## ЧИРКЕЙ

Кичинекей болсо да,
Үнү ачуу зыңылдап.
Учуп чыгат кечинде,
Өз тилинде ыр ырдап.
Суулуу жерди мекендеп,
Бир сууктан коркушат.
Көзгө илишпей турса да,
Кишилерди коркутат.

## СӨЗДҮК ЫР

Чуңкур – терең,
Дүлөй – керең,
Кыр, жон – кыраң,
Мал оорусу – ылаң,
Эртең менен – таң,
Салтанат – шаң,
Ушак – айың,
Дарак түрү – кайың.

*Эшманбет ТОКСОЕВ*

## БАЛАТЫ

Зуу-зуу этип, зуулдап,
Күзгү шамал бетке урат.
Кичинекей балаты
Кыймылдабай бек турат.
Кичинекей балаты,
Кышта тоодо калыптыр.
Үшүгөндө чыдабай,
Ак тон кийип алыптыр.

## ДЫЙКАН

Ыйык болот нан деген,
Аны көрсөң, тепсебе!
Нан жыйылып турбайбы,
Базарларда көп дебе.
Канча эмгек сарп кылган,
Ар бир нандын сыныгы.
Кулак байлап суу жыгып,
Дыйкан болгун чыныгы.

*Нургазы АХМЕДУЛИН*

## МЕН УЧУРГАН «БЕШ ӨРДӨК»

Чап кармашып билектен,
Аюу менен күрөшкөм.
Күлүктүгүн билгенмин,
Ташбаканы мингенмин.
Тоодон түшүп келатып,
Алгам аны мен атып.
Барбайм десе, сүйрөшүп,
Балык менен сүйлөшүп.
Отун ташып токойдон,
Меш жасадым очойгон.

Айтсам эгер чынымды,
Айга учургам чымынды.
Түн аларга күн экен.
Күн аларга түн экен.
Тең жартысы көл экен,
Тең жартысы чөл экен.
Төөлөр талдын башында,
Төрөлүшөт жазында.

Айтор, укмуш, кызык көп,
Чычканы жок, мышык көп.
Көргөнүм чын, таңгалба,
Көрбөгөндөр арманда.

## КАНА ЭМЕСЕ, ТАБАЛЫ

Түркүн түс – өңү кинодой,
Мурду – Буратинодой.
Канаттуулардын «индеецин»
Кана, кимиң билесиң?

(түлкү)

Кагып койсо башыман,
Каалаган жерге жашынам.

(мык)

Тактайда миң тиши бар,
Тазалай турган иши бар.

(щётка)

Ансыз өтпөйт эч качан
Жаңы жылдык салтанат.
Жашыл өңү жагынан
Ага жетпейт канча бак.

(балаты)

Мээлеп атсаң
Колуңду түздөп.
Кономун айкүр,
Боломун чик, бөк.

(чүкө)

Кой эмесмин,
Мүйүзүм, сакалым бар.
Короо койго
Көч баштаган атагым бар.

(эчки)

Токтоналбайм бир жерге,
Тонум темгил, тегерек.
Күлүк балдар түзөңдө
Күндө ойношот тебелеп.

(топ)

Бир жериң канап калганда,
Тез басылып калганга
Өңгөлөрдөн озунуп,
Өзүм келем жардамга.

(йод)

Жарашыгы өзгөчө,
Кыздар кийет жактырып.
Бакыт аны кийди эле,
Баары күлдү каткырып.

(юбка)

Чөптөр мончок тагынат
Жамгыр жаап басылса.
Эрип кетет жок болуп,
Күн «жарк» этип ачылса.

(шүүдүрүм)

*Кубанычбек АДАМАЛИЕВ*

## ТАПКЫЛА!

Карасаңар шашманы,
Сыртка чыктым жүгүрүп.
Майга бышкан сапсары
Токоч турат илинип.

Алайын деп, ашыга
Шатыны алгач эстедим.
Чыктым бактын башына,
Бирок нанга жетпедим.

Болгуң келсе табанаак,
Сыр түйүнүн ачкыла.
Ал кандайча аталат,
Туура жообун тапкыла!


(Ай)

Сары гүлдүн ичинде
Эмне жайнайт? Карап көр!
Күркүрөгөн күзүндө
Алар ширин данектер.
Сабактарын каркайтып,
Башын кесип алышат.
Көргөндөрдү тамшантып,
Балдар данын чагышат.

(Күнкарама)

Сырты чаар топтой,
Ичи кызыл чоктой.
Кээси сыйбайт кучакка,
Чарт жарылат бычакка.
Ашкабакпы, коонбу?
Жеңилби бул оорбу?
Эмне экенин тапкын,
Атын ылдам жазгын!

(Дарбыз)



*Бергеналы БАЗАРБАЕВ*

**АТА-ЭНЕҢДИН АТЫ КИМ?**

– Аты ким? – деп атаңдын,
Мен сурасам Канаттан.
– Аты атам эле, – деп,
Кайра мага калат таң.


– Аты ким? – деп апаңдын,
Аидадан сурасам.
– Аты апам, башка атын,
Билсең айт, – деп сураган.

Айтса айтып берейин,
Муну укпасын бөлөктөр.
Эртең айрөк дебейби
Эгер укса бөбөктөр.

*Адашбек* ***АЖЫГУЛОВ***

## КИЧИНЕКЕЙ МИНАРА

Кичинекей Минара,
Коңур үнүн чыгара
Шатка бөлөйт бөлмөнү,
Шаңдуу ырдап кубана.
Бийди бийлеп буралат,
Бут учунан туралат.
Апам көрүп алкаса,
Атам көрүп кубанат.
Кенен ачкан эшигин,
Келечеги астында.
«Бийчи болом мен» – деген,
Тилеги бар жакшына.



*Тургуналы МОЛДОБАЕВ*

**ТИЛЕК**

Кар талааны алкымдап,
Калаада аба салкындап
Канаттуулар түштүккө
Учуп барат калкылдап.


Жаратынан сакайган
Биз жетилткен балапан
Көп куштардын артынан
Канат кагат, карасаң!

Түштүк жакта түнөктөп,
Жайлуу жерге консо экен.
Жазда кайра келгиче
Аман-эсен болсо экен.

*Салкын **БЕГАЛИЕВА***

**КАР ЖААДЫ**

Жылтылдашат, кубулат,
Жумгактасаң жуурулат.
Жаай берсе сабалап,
Жердин баары агарат.
Аралашып кар менен,
Узак-узак жол менен,
Баскың келет талыкпай,
Жумшактыгы мамыктай .






*Арзыкан МОМУНТАЕВА*

## АРЧА ЫРЫ

Жарашып шыңга боюна
Жалтырак толо тагынган.
Көрк төгөт арча суйкайып,
Келгендей жылдыз шаарынан.

Карагай тобурчактары,
Жаңгактар – конфет шактагы.
Чоң куйрук тыйын чычкандар
Алтындай кооз сапсары.

Үлпүлдөк пахта карлар бар,
Түркүн-түс укмуш шарлар бар.
Айбанат болуп алышкан
Зал толо шайыр балдар бар.



*Аманат* ***КАЧИЕВА***

**ЖАРДАМ**

Алтыдагы Гүлайым,
Жакшы өссүн ылайым.
Ата-энесин кубантып,
Айтат: «Жардам кылайын».

Сурап алып шыпыргы
Үйдүн баарын шыпырды.
Атасы анда сүйүнөт,
Мактайлы, – деп кызымды.



*Тууганбай КАСЫМАЛИЕВ*

## ШЫЛДЫҢ КЫЛЫП ЖҮРӨЛҮ

Жардамы жок энеге,
Жалкоо бала эң эле.
Кетип калат көчөгө
– Келемин, деп, – эми эле.

Барактары ачылып,
Китеби бүт чачылып.
Окубастан сабагын,
Оюнга,  дейт, – шашылып.

Бир байпагы биерде,
Экинчиси тиерде.
Эси кетет табалбай
Эртең менен киерде.

Бул ким экен билели,
Мойнунда кир бир эли.
Мындай жаман балдарды
Шылдың кылып жүрөлү.

# «МАНАС» – УЛУТТУК СЫЙМЫГЫБЫЗ

*Кубанычбек МАЛИКОВ,*
*Кыргыз Эл акыны*

# МАНАСТЫН УУЛУ СЕМЕТЕЙ

Каныкейдин каалоосу менен Манаска күмбөз салынат.Семетей ошондо жаңы төрөлгөн бала. Манастын ашын бере электе эле Жакыптын токолу Бакдөөлөттүн улуу уулу Көбөш Каныкейге күч менен үйлөнмөкчү болгондо,

Жесир калган Каныкей,
Жетим калган Семетей» -

Бакайдын жардамы менен түн жамынып Букарга, атасы Каракандын шаарына качып кетишет. Таласты эми Бакдөөлөттүн балдары Абыке, Көбөш бийлеп калат.

Ошентип Каныкей Букар шаарында атасынын колунда жалгыз уулу Семетей чоңойгончо турат.Семетейди Каныкейдин агасы Ысмайыл асырап багат. Бирок, бала чоңойгончо Манастын уулу экендиги айтылбайт. Семетей өзү да атам Ысмайыл деп эле жүрө берет. Семетейчилердин айтымы боюнча Семетейдин атасы Манас экендиги эки түрлүү жол менен билдирилет. Биринчиси, Семетей чоңоюп, ит агытып, куш салып токойдо жүргөндө көмүр өчүрүп жүргөн бир Сарытаз деген киши, кыясы Манастын туугандарынан болсо керек, атайы Семетейдин зардесин козгоо үчүн жолунан тосуп, тайтайып тура калып:

– Э-э, жетим, сен бул жерде эмине Каракандын өз баласы окшоп жыргап-куунап жүрөсүң? Сенин атаң Манас, жериң Талас.Бирөөнүн эли эл болбойт, бирөөнүн жери жер болбойт. Эрте жолуңду тап! – деп баланын көөдөнүнө өрт коёт. Семетей ыйлап олтуруп Сарытаздан жөн-жайын аябай угат.Анан атасын айтпай жашырып жүргөнү үчүн энесине таарынып, акыры чындыгына жеткенде таятасы менен кош айтышып, андагы агайын-тууганы менен Таласка көчүп келет. Баягы Сарытаз «Сары аба» атка конуп, Семетейдин эң кадырлаган аксакалынын бирөө болот.

Семетей чоңоюп калган кезде атасы Каракан Букарга көп эл чогултуп, ат чапмак болот. Буга алтымыш асый Тайторуну жетелетип Каныкей да келет.Тайтору болсо,

Катагандын кан Кошой
Асага берген мал эле.

Бул чоң ат чабышка Каныкей:

«Билбегенге Манастын ашы, билгенге Семетейдин тою» деп атасынын каршылыгына карабай Тайторуну кошуп жиберет . Тайтору чоң байгеден чыгып келет. Мына ошондон кийин Семетей атасы Манас экенин билип, Таласка көчүп келиптир. Семетей эки гана чоро, (Күлчоро, Канчоро) күтөт. Семетей чоңоюп келип өз элин башкара баштаганын уккан эски душман Коңурбай аскер алып Таласты көздөй аттанат. Семетей да кол- кошууну (аскери) менен тосо чыгып, чоң согуш болуп, Күлчоро менен Семетей Коңурбайды колго түшүрүп, өзүн да, колун да талкалайт.



# ЖАТТАП АЙТ

*Исабек ТОКТОГУЛОВ*

### КИРПИ

Кичинекей кирпинин
Мурдун аары чагыптыр,
Мына ошондон берите
Ичинде кек калыптыр.
Тийсе экинчи – саям деп,
Денесинин баарына
Тикен кадап алыптыр!

### ТАШБАКА

Саякатчы ташбака
Сайран менен карыптыр.
Санаа тартып, кум карап,
Сахарага барыптыр,
Алы кетип алсырап,
Ачкүзөндөй арыптыр.
Чөлдөн ысык өтөт деп,
Чөйчөк кийип алыптыр.
Бели катып ошондон
Бечел болуп калыптыр.



# ТАБИЯТ КАЛЕНДАРЫ

# ЯНВАРЬ

Чилде түшүп, кыштын кырчылдап турган убагы. Ой, тоо бүтүн ак карга чулганып, өзүнчө бир ажайып түргө келген. Өзгөчө тоо, токойлор тунжурап сүрдүү көрүнөт. Андагы жаныбарлар бүт бойдон кар алдында калгандай сезилет. Бирок, зоок кылып токой аралап бара калсаңар, силер андан сереңдеген сур коёндорду, булаңдаган кызыл түлкүлөрдү, секирип качкан эликтерди көрөсүңөр. Шакылыктаган сагызганды, көзгө сүйкүм кыргоол, кекилик, чил, каракурларды көрүп, ишкер тоңкулдакка маашыр болосуңар.

Бизде айрыкча Ак-Сай, Арпа, Суусамыр, Тогуз-Торо аймактары өтө суук болот. Ак-Сайдагы суук 54 градуска чейин жетет. Мына ушундай суукторга да моюн бербей биздин кайратман малчы аталар малын багып жүрүшөт.

Кыштын мындай катаал кезинде канаттуу досторуңарды унутпагыла. Силер алар үчүн дайыма кам көргүлө. Оңтойлуу жерлерге жем чачып, же жем сала турган тактайчаларды жасап, бекемдеп, бутактарга илип койгула. Силер муну менен миңдеген канаттуулардын өмүрүн сактап каласыңар.

Чоң атаңар кээде: «Күн кызарып батты, эртең күн ачык болот» дешет. Сен муну өзүнчө байкоо жүргүзүп көрдүңбү? Ал эми сен кечинде карды кычыратып баскан кишинин дабышын алда кайдан угасың. Мындайда «о бул суук бир топко чейин өкүм сүрөт экен» деген сөздөрдү да кулагың чалат. Сен бул өңдүү элдин айткандарын жаза кетирбе. Өзүңө текшер. Дептерчеңе жазып ал. Бара-бара өзүң дагы аба ырайында кандай өзгөрүү боло тургандыгын алдын ала айтууга жетишесиң.

## ФЕВРАЛЬ

Кычыраган кыштын эң акыркы айы экендиги бардыгыңарга маалим. Өрөөндөр менен ойдуңдар, зоокалар менен жылгалар али мамыктай аппак карга бөлөнүп турган кез. Силер дал ушундай мезгилде коньки, чана, лыжа тээп, маашырланасыңар. Ал гана дейсиңерби? Жаратылыштын кышкы көрүнүшүн жакшылап билүү үчүн атайын байкоо жүргүзөсүңөр. Өз алдыңарча тажрыйба жасайсыңар.

Ызгаардуу кыштын акыркы айында да малга кам көргөндү эсиңерден чыгарбагыла. Аларды кыштан аман асыроодо силердин кошкон үлүшүңөр чоң. Кыштан бир да баш мал өлүм-житимге учурабай чыкса, элибиздин байлыгы артат. Эт, сүт, май мол болот.

Февраль кыштын акыркы айы деп жогоруда айтып өттүк. Февралдын аяк ченинде Ошто, Чүй өрөөнүндө жаздын жышааны келип калган мезгил болот. Бак-дарактар билинер-билинбес бүчүр бөртүп, күңгөйлөрдө кар жыртылат. Ала-чокул кар арасынан көктөмдүн туңгуч гүлү – байчечекей баш багат. Силер аны бейбаштык менен үзүүгө, тамыры менен казууга жол бербегиле. Ал коргоого алынган өсүмдүктөрдүн бири.

Силер эми кыш айы менен коштошосуңар. Лыжаңарды, чанаңарды, конькиңерди тазалап, сынган жерлерин оңдоп, келерки кышка татынакай кылып сактап койгула.

# МАРТ

«Жер айрылып, чөп чык, желин айрылып, сүт чык» деп айтышчу, байыркы бабаларыбыз. Бул тегин сөз эмес. Жазында жан-жаныбарлар, курт-кумурскалар тиричиликке кам урат. Кар эрип, өзөн-өзөндөргө суу толот. Күн уламдан-улам бийиктеп, көктөмдөгү гүлдүн эң алды – байчечекей жер бетин бербей бажырая чыга келет. Бак-дарактар бүчүр бөртөт. Мал эми баштагыдай колго карабай, арык-арыктын бойлорунан көк издейт.

Жаздын келиши республикабызда бир аз айырмалуу. Ош облaстында, Талас, Чүй өрөөндөрүндө башка аймактарга караганда жаз эртерээк келет. Ошондуктан бул жерлерге соко эрте чыгат.

Март айында мектептерде «Канаттуулар күнү» өткөрүлөт. Дарактардын көчөттөрүн отургузуунун, эрте гүлдөөчү жана эрте бышуучу жашылчаларды эгүүнүн эң оңтойлуу маалы. Муну унутпагыла.

# АПРЕЛЬ

Күн өткөн сайын аба жылуу болуп, айлана жандана баштады. Кыш бою сөңгөктөрү каржайып, бутактары көрксүз турган дарактар эми башка. Алардын бүчүрлөрү барсайып, майда, назик жалбырактары желге дирилдейт. Алар али жабышкак, алсыз, бирок улам күчкө кирүүдө. Дагы бир аз күндөн кийин кара-көк тарткан жалбырактар абага атырын чачат. Жылдын бул мезгилинде биздин шаар, кыштакка жылуу жактардан канаттуулар учуп келет.

Көзгө үйүр алган жылкычы чымчык, чабалекейлер абаны ары жиреп, бери жиреп ойноп жүрүшөт. Мен күнөстүү аянтчанын четине токтоп калдым. Эки көгүш жылкычы чымчык асфальттын бетиндеги тунук көлчүктөн суу ичип, ары-бери басат. Булар өз тилинде бир нерселерди сүйлөшүп жаткансыйт. Кичинекей кезибизде апабыз бизге «Жылкычы чымчык, чабалекейге тийбегиле, алар ыйык болот» – деп коюшаар эле. Көрсө, чынында эле бардык жандуу нерсе ыйык экен. Жаздын жылуу деми менен ар түрлүү макулуктар күнгө умтулат. Эски жалбырактардын арасынан кыймыл этип, кулакка жетип-жетпеген дабыш берет. Буларды байкап жүрсөң, өзүнчө эле кызык.



# МАЙ

Май айында ой-тоо бүтүн жашыл түскө бөлөнөт. Аппак болуп гүл ачкан жемиш бактар маашырлантып, кайра-кайра карагыңды келтирет. Алда кайдан бур эткен сирендин жыты келет. Бирок, бөбөк, сен ошол коозduктарды кароо менен эле чектелип калба. Табийгаттын жашыруун сырларына жашыңдан канык бол.

Жаңы эгилген жаздык буудайлар тегиз кыр жаап, өсүп турган кезеги. Ал эми ошол буудайлардын богок байлап, баш алып, жетилип бышып орулганга чейинки өсүү жолун күндөлүгүңө түшүрө жүрсөң сабагыңа пайдасы тиет. Күн биринчи жолу качан күркүрөдү? Өзүң өскөн жердеги жер-жемиштин, өсүмдүктөрдүн аттарын билесиңби? Мына ушулардын баары сенин көңүлүңдүн борборунда болсун.


Бул айда чабалекей, күкүк, сасык үпүптөр учуп келишет. Чабалекейлер тыным албай уя салып киришет. Ошол эле учурда таранчынын сары ооз балапандарынын чыркылдаган үнүн угасың.

# ИЮНЬ

Июнь - толукшуган жай мезгилинин башталыш айы. Нөшөрлөп барып тез эле чаңкайып ачылган сергилең аба, айдарым желге баш ыргаган сан түркүн гүл, балапанына жем ташуу менен алек болгон ар кандай канаттуу... Мына ушулар мезгилдин керемет бейпилдигин, эл айткандай, «мактанып турган учурун» айгинелейт.

Байкачы. Сенин да үйгө отургуң келбейт. Жеңилдене кийинип, колуңа кайырмак же көпөлөк кармагыч алып талаага, көлмөлөр боюна кеткиң келет. Албетте, башыңа калпагыңды кийип алууну унутпа. Жайкы күн ачуу тийет, аптап өтүп, ооруп калышың да мүмкүн.

Үй жанындагы алча бардык мөмө-жемиштин алды болуп даам сыздырат. Кардай аппак ар бир гүлү мөлтүрөгөн мөмөлөргө айланган. Шагы ийилип бышкан кызгылтым алча жанында туруп, берекеге көзүң тоёт. Ал эми накта береке чачар бышыкчылык мезгили улам жакындап келатканын сен деңиздей ыргалган эгин талаасынан, кара-көк тарткан кызылча аянтынан, чакмак сызык дептериндей мелтиреп жаткан «ак алтын» түздүктөрүнөн сезесиң.



# ИЮЛЬ

Эрте турсаң бак ичиндеги аба сонун. Дарактар, чөптөр, балдар да бул мемиреген тынчтыкты бузгусу келбей тургандай. Аздан соң Күн чыгат. Жайдын толук маалы. Тоо башындагы мөңгүлөр эрип, сайлардагы суулар киргилденип, шаркырайт.


Баш алган эгин деңиздей толкуйт. Торгойлордун сайраганын, бөдөнөлөрдүн «бытпылдык» деп тынбай чакырганын угуп, жайнаган кызыл гүлдөрдүн арасынан чыккың келбейт. Мына тааныш дөңдөр, сайлар, андан ары чексиз талаалар. Мемиреген айлана тыптынч көрүнгөнү менен кайнаган тирилик бар. Абайлап турсаң тетиги кичинекей жаңы топурак дөбөчө улам чоңойот. Улам бүлк этип, арытан топурак түртүлөт. Бул – сокур чычкан. Ал өзүнө ийин казып, үй-жайын кеңейтип жатат.

# АВГУСТ

Бул ай – бышыкчылык айы. Айланага жакшылап назар салгылачы. Ырас, азыр теребел жайдын толукшуган маалындагыдай көк-жашыл нур ойнотуп кулпунбайт. Бирок, кызгылтым, саргыч тарткан жалбырактардын көркү канча!

Аба да закым көтөргөн аптабынан бир аз жанып, сергилең жел мээримдүү «үлп» этет.

Ошентип, саратан жай өз кезегин акырындап күзгө өткөрүп бере баштайт. Эгин-тегин текши жыйылып, мөмө-жемиштен жер кайкалаар маал. Канаттуулардын саны кадимкидей арбын тартат. Көпчүлүгү чалгын канат балапандар. Байкагылачы, көбөйгөн түйшүктөн улам куштардын сайроосу да кемде-кем. Ал тургай, жайды-жайлай жаагы басылбаган күкүк үнү чыкпай баратат. Бул – жер которуп, алыскы сапарга жөнөр учурдун чукул калганы. Муну силер топтошуп уча баштаган башка канаттуулардан да баамдайсыңар.



## СЕНТЯБРЬ

Айланага көз чаптырып карачы. Күз мезгилинин керемет коздугуна маашыр болосуң. Эгин-тегин текши бышып, оруу-жыйуу кызыган. Бак-дарактын жалбырактары сары теңгедей түскө келип, жерге салаалайт. Күндүн аптабы кайткан кез. Эртели-кеч дене бир аз чыйрыга түшүп, күрмө кийүүгө аргасыз кылат.

Жан-жаныбарлар кыш камын көрө башташат. Кумурскалардын түйшүгү артыкча. Алар коңул-коңулдардан жай издеп, жем ташып, баштагысынан да арбын азап тарта беришет.

Жайлата тоо-талааны түркүн-түркүн мукам кайрыгы менен шаңга бөлөгөн куштар эми ысык тарапка учуп жөнөшөт. Ал эми жапайы өрдөк-каздар, аккуулар айтылуу Ысык-Көлдү мекендегени келишет. Алыскы Сибирь тараптан учуп келген боз каргалар, таандар, чыйырчыктар Кыргызстандын аймагында кышташат.

Сентябрь – адамдын ден-соолугун чыңдоого керектүү чөптөрдү, гүлдөрдү терип, топтоонун да маалы. Демек, бул маанилүү ишке колкабыш кылууну унутпагыла.

# ОКТЯБРЬ

Таӊ заарынан туруп тышка чыксаӊ, сыдырым жел дененди чыйрыктырат. Эми сен жылуу кийимдеринди кийүүгө аргасыз болосуӊ. Бийик тоо башындагы кар улам төмөндөй берет.

Силер экскурсия убагында өзөн сууларын бойлоп, далай кызыктарга баттыӊар. Түркүн гүлдөргө, чөптөргө назар салдыӊар. Тикенеги көп чычырканакты байкадыӊар. Азыр чычырканактын тизип койгон сары шурудай мөмө байлап, тегиз бышып турган маалы. Аны өз убагында терип, сатсаӊар да болот. Андан даамы керемет май жасалат. Бул май болсо ар кандай ооруга табылгыс дары.

Ал эми, аны үйүӊөргө терип келсеӊер, апаӊар таттуу варенье, шире жасашат.

Октябрь айы коӊур күздүн эӊ сонун учуру. Айлана улам алтынга чулгангандай сары түстө. Ошондуктан ал «алтын күз» деп аталат. Анын кымбаттыгы жалаӊ гана өӊүндө эмес, береке чачкан касиетинде.



# НОЯБРЬ

Ноябрь – күздүн акыркы айы. Жалбырактарынан ажыраган бак-дарактар көзгө комсоо көрүнөт. Бул айда күзгү талаа жумуштары түгөл аяктап, колхозчулар келер жылдын мол түшүмү үчүн кам көрө башташат. Айдын экинчи жарымында бийик тоолуу жерлерге кар жаап, өзөндөргө муз тоңот.

Балдар, мурдагыдай эле өзүңөрдүн байкооңорду уланта бергиле. Каргалар дарактын төмөнкү бутактарына конуп калышса, анда карыялар: «Катуу шамал болот экен» деп коюшат. Ал эми Ай асмандан жаркырап аппак нурун чачса, ызгаардуу суук болорун эскертишет. Силер да элдин бул өңдүү сөздөрүнө кунт коё жүргүлө.


Дагы бир өзгөчө көңүл бура турган нерсе – биздин жерде кыштаган канаттуулар. Кар түшүп, суук боло баштагандан тартып жем таап жей албай, абалы начарлай баштайт. Ошон үчүн силер канаттуу досторуңарга жакшылап камкордук кылгыла.

## ДЕКАБРЬ

Бул айда ой-тоо бүтүн аппак карга бөлөнөт. Бирок, айрым кездерде ойдуң жерлерге кар аз түшүп, декабрдын аягына дейре лыжа тебалбай калган учурлар да болот. Андай жагдайларда силер кыш болбойт экен деп бөөдө кейибегиле. Эртеби, кечпи кыш өз энчисин алат. Лыжа тээп, коньки тээп, кыштын кызыгына батасыңар.

Мурдагыдай эле бул айда да байкооңорду улантып, кыштын өзгөчөлүктөрүн көңүлгө бек түйө жүрүү, кышкы кубулуштарды талдап үйрөнүү – силердин милдетиңер.

***Т. Мидинов***





# ЭМНЕ ҮЧҮН МИНТИП АЙТАБЫЗ?

## «ИТИ ЧӨП ЖЕЙ БАШТАПТЫР»

Деги, иттин чөп жегенин көргөнүңөр барбы? «Жок, ит да чөп жечү беле?» – дейсиңер бир ооздон. Анда эмне үчүн кээде: «О эми анын ити чөп жей баштаптыр» деп айтып калышат?

Ит да адам колуна караган айбанат. Аны бакпаса, карабаса, үй-жайга, малга короочу боло алабы? Демек, анын түйшүгү да баккан ээсинин мойнунда. А эгер ити ээсинин колун карабай эле талаадан чөп терип жеп, түнкүсүн мал-тегесин ууру-бөрүдөн коргоп берсе, табылгыс пайда эмеспи. Ошондуктан иши алга жүрүп, оңдой берди болгон адамды «анын ити чөп жей баштаптыр» деп коюшат.

## «КАЗАНЫН СУУГА САЛЫП КОЮПТУР»

Бул сөздү укканда көз алдыңарга сууда калкыган кара казан элестээр. Бирок, «казанын сууга салып коюптур» деген кишинин деле казаны өз ордунда турган болот. Анда эмне үчүн минтип айтышат?

Ооз толуп ичер тамагы жок куурап отурган адам илгери аз эмес эле да. Демек, анын казаны жалбырттаган отто эмес, мелтиреген сууда тургандай болуп элестелчү. Бул сөз ушундан улам айтылып калган.

## «БЕШИГИН ТЕРМЕТКЕНСИП»

Бир күнү Сыргактан чоң энеси:

- Короонун аягындагы ат кимдики, көзүм жетпей жатат? – деп сурады.

- Самсаалыныкы, – деди Сыргак чоң энесинин кулагына угуза.

- Ой, чунак, мунун айтканын кара, бешигин терметкенсип, – деп наараз болду чоң энеси.

А «бешигин терметкенсип» дегени эмнеси? Эгер ал «Самсаалы абамдыкы» десе, чоң энеси жогорку сөздү айтпас эле.

## «ЫЙЛАП ЖҮРҮП АРЫК ЧАП, ЫРДАП ЖҮРҮП СУУ СУГАР»

Кызык сөз экен, ээ! Ыйлаган киши арык чапмак беле, арык чапкан киши ыйламак беле? Бирок, «ыйлайт» деген сөздү укканда бала-шала түшүп ыйлап жаткан кишини элестетүү туура эмес. Ыйлоо – мында кыйналуу, түйшүк тартуу деген мааниде. Ырдоо болсо - кыйналбай, убара тартпай деген түшүнүктү билдирет. Анда эмесе макалды ушундайча жандырып окуйлучу: Кыйналып жүрүп арык чапсаң, суу сугарганда кыйналбайсың. Албетте, эми муну айкыныраак түшүнгөн чыгаарсыңар.

## «АРТЫНДА КОҢГУРООСУ БАР»

Коңгуроону го билесиңер. Ал кай себептен кишинин артына байланган? Мунун мааниси мындайча: Бир кылмыш иши бар адамдар турмуштан кездешпей койбойт. Алардын арасында өз күнөөсүн жаап-жашырып, суудан таза көрүнгүсү келгендери да жок эмес. Бирок, баары бир канча актанганы менен баягы жаман жоругу коңгуроо мисал дабыш берип, айыбын тез эле ачып коёт. Ушундан улам, «а анын артында коңгуроосу бар турбайбы» деп коюшат.

## «СУУ ТӨГҮЛБӨС ЖОРГО»

Аттын жүрүшү ар кандай: бирде желип, бирде таскактап... А бирок, бардык эле жылкы баласында жорголук касиет боло бербейт. Ээн жерде бир калыпта тизгин кагып, жайкала жорголоп бараткан аргымак атты көргөндө анын аяк ташташынын ыргактуулугуна, мүчөсүнүн сымбат кыймылына көзүң тоё түшөт. «О баракелде, жаныбарым!» деп тамшанышат карылар. Кээ бир жоргонун жүрүшүнүн мамыктай жумшактыгы үстүндөгү адамды көшүлтүп жиберет дешет. Демек, мындай атты минип бараткanda колго кармаган чыныдагы суу да төгүлбөс. Жорго деп ушуну айт.

## «КОЛУ ОЙНОГОНДУН ООЗУ ОЙНОЙТ»

Элде кыска, бирок нуска айтылган сөздөр арбын. Кичинекей эле сөздөрдө чоң маани болот. Колу ойногон адамдын гана оозу ойноого тийиш экен. «Колу ойногонду» кандайча түшүнсөк? Ойногон – иштеген, эмгек кылган деген мааниде. Эми түшүнүктүү боло калбадыбы. Мээнет кылган адам гана оозу толо тамак ичет, эмгегинин ыраатын көрөт турбайбы. Таасын айтылган кеп бекен!

## «БУЛ КИТЕПКЕ ТИШИҢ ӨТӨБҮ?»

«Тишиң өтөбү?» – деген кепти уккан кээ бир бала «Мен аны тиштеп көрмөк белем?» деп таңданып карашы мүмкүн. Бул китепти окуп, маанисин түшүнгөнгө алың жетеби деген эле сөз. Бирок, антип узартып айтып отурбай, «тишиң өтөбү?» десе, элестүүлүгү арта түштү да.

## «НЫСАПСЫЗГА КАШЫК САЛСАҢ, БЕШ УУРТАЙТ»

Бул сөздү ар жерден уга калып жүргөндүрсүңөр. Анткени, ал – элдин сөзү, элестүү сөз. Бирок, анын кандай учурда, кимге айтыларын билгениңер менен, бул сөздүн кайдан чыкканын билбей калышыңар толук ыктымал. Ырас, нысапсызды, кашыкты, беш жолу уурттаганды өз-өзүнчө алып караганда түшүнөсүңөр. А «Кашык салсаң» дегени эмнеси?

Илгери, илгери, чоң ата, чоң энеңердин силердей чагында идиш-аяк абдан каат болучу. Азыркы жайнаган идиштердин бири да жок эле, анда. Эл колдон жасаган жыгач аяк менен жыгач кашыкты урунчу. Алар морт келип тез эле сынып калчу да, жогоруда айтылгандай, жалгыз кашыкты бир нече киши тегеретип ичишчү. Демек, бири-бирине кашык салчу. Ошондо өңгөлөргө күйбөй ачкарак, нысапсыз бирөө бир-эки ууртоонун ордуна беш ууртап жиберген окшобойбу. Ал акыры эл оозунда макал болуп калыптыр.

## «ОТ АЛА КЕЛГЕНСИБЕЙ»

Бирөө бирөөнүн үйүнө келип, кайра кетүүгө шашылса, ушинтип айтышат. Бул сөздүн төркүнү да ыраакта.

Мындан о бир кыйла жылдар илгери эл ширенкеден көп тукулжурашчу. Оттон кур жалак калбас үчүн күн-түндөп коломтодон от өчүрүшчү эмес. А эгер өчүп калса, бир тутам куурайды бүктөй кармап, бирөөнүн очогунан алган чокту түтөтүп алып келчү. От шамал-шумалга өчүп калбас үчүн от ала келаткан адам шашылат да. Ошондуктан келбей жатып, кетүүгө шашкан адамды көргөндө бул сөз оозго келе калат экен.

*Т. Мидинов*

# КЕЛГИЛЕ, ОЙНОЙЛУ



# АЙЛАР, КҮНДӨР

«Айлар, күндөр» чакан топ менен ойночу оюн. Оюнга канча бала катышса да болот.

Кезек чучукулак аркылуу аныкталат. Кезеги келген топту өйдө-өйдө секиртип, жуманын жети күнүн санайт: «Дүйшөмбү, шейшемби...» Оюн татаалдай берет. Эми ага улай айлардын аттары айтылып ыргытылат: «Январь, февраль...» Топту ыргыткан сайын ай-күндөрдүн аттарын жаңылбай жарыша айтып өткөн кезекти өзүнөн кийинкиге берет.

Жаңылып кетсе, кезек экинчиге өтөт. Оюнга катышкандын баары бир сыйрадан ойноп чыгышкандан кийин оюн кайра кайталанат. Оюнду биринчи болуп бүткөн – жеңген, ал эми ким көбүрөөк жаңылса – ал жеңилген болуп эсептелет.

# КОЁНГО АҢ УУЛОО

Бардык балдар – коёндор, аларга аянтчанын бир четинен тегерек чийим чийилет, ал коёндордун үйү. Мергенчиге 2-3 бала дайындалат. Аянтчанын экинчи бир четинде тегерек чийилген чийим, мергенчиде 1-2 кичине резина топ болот, ал алардын огу деп эсептелет. Тарбиячы аянтчанын бир жеринде туруп, оюнга жетекчилик кылат.

Коёндор аянтчада эркин ойноп жүрүшөт. Бир кезде тарбиячы алаканын чаап, «Мергенчи келатат» деген белгини берет. Коёндор тез чуркап, үйүнө жетүүгө ашыгат. Мергенчилер өз үйүнө жетелеп кетет. Мергенчилер үч жолу аң уулоого чыгат, анан жаңы мергенчилер дайындалат.

Оюндун эрежеси: Топ тийген коён мергенчи атып алганга эсеп болот. Чийимдин ичиндеги коёнду топ менен урууга болбойт. Мергенчилер аң уулоого сигнал берилген соң гана чыгышат.

# АҢДАГЫ КАРЫШКЫР

Оюн ойнолуучу аянтчанын ортосунда жазысы 80-100 сантиметрчелик келген кош сызык чийилет. Ал аңда карышкыр бар. Бир бала карышкыр болот. Калган балдар козу-улактын ролун аткарышат. Койчу – тарбиячы. Койчунун ишараты менен козу-улактар аркы өйүздөн берки өйүзгө аңдан секирип өтүп келүүлөрү тийиш, карышкыр чийимден чыкпай, аңдан секирип өтүп жаткан козу-улактардын бирин кармап калууга аракеттенет. Кармалган козу-улак убактынча эс алып отурат, карышкыр 2-3 козу-улак кармалган соң алмаштырылат.

Оюндун эрежеси: Карышкыр аңдын ичинен чыкпайт, аркы өйүздөн секирген козу-улактын бир буту бул өйүзгө тийсе, кармоого болбойт.



# ПАЙДАЛУУ КЕҢЕШТЕР



# СУУДА СҮЗӨ БИЛ

Чабак уруп, суудa сүзө билген – бул да чоң өнөр. А эгер сүзгөндү билбесеңерчи? Анда «Байчечекейдин» кеңешин көңүл коюп угуп, көкүрөгүңө бекем түйүп ал. Сен эң алды менен, машыга турган жайды танда. Суунун түбү тегиз жана ташсыз болгону оң. Алгачкы машыгуу он минутадан ашпоо керек. Аны бара-бара жарым саатка чейин узартса болот.

Эми машыгууну баштайлы. Сен белкурчооңдон келген сууда туруп, жээктен берилген буйрукка көңүл бур:

- Крокодил! – деген үндү угаарың менен суу үстүнө жата кал да, колдоруңду суу астына калактай шилтеп, жээкти карай ылдам жыла башта.

- Тюлень! – эми сен эки колуңду жерге тая, башыңды өйдө көтөр. Анан дем менен алга обдулуп, жээкке ыкчам жетүүгө аракеттен.

- Пингвин! – Колдоруң менен сууну шапшып, пингвин сыктуу улам бир капталыңа оодарылып алга жыл.

Үйрөнүп калдыңарбы? Эми бириңер «крокодил», экинчиңер «тюлень», үчүнчүңөр «пингвин» болуп мелдешип көргүлөчү. Кимиңер тез сүзөт экенсиңер?

2-3 күн өткөндөн кийин сууга чөмүлгөндү үйрөн. (Андай көнүгүү сөзсүз өзүңөрдөн улуулардын байкоосу астында өтсүн).

Бир-бириңердин колуңарды кармап алып сууга дагы киргиле. Суу белкурчооңордон ашпасын. Терең дем алып, башыңар менен сууга чөмүлгүлө. Суунун ичинде демиңерди кайрадан тышка чыгар. Буга көбүрөөк көнүккүн. Суунун түбүндө пингвин шекилденип жыла башта. Кере-кере дем ал, демиңди кайрадан тышка чыгар. Эми кайрадан буйрукка көңүл бургула:

- Бака! – Силер эми кадимки эле суу бакасыңар. Бакага окшоп секиргиле.

- Өрдөк! – Демиңерди ичиңерге алып, сууга чөмүгүлө.

-Телефон! – Терең дем алгын да, сууга чөмүлгүн. Машыктыргыч ага-эжең сууну колу менен чапкылайт. Суу алдына жатып эсиңе тут: канча жолу кол чабылды?

Буларды үйрөндүк дегенден кийин өзүңөрчө мелдеш өткөргүлө. Ким бийик секирет экен, ким суу алдында көп турат экен?

# КУРДАШТАРЫҤ СҮЙЛӨШӨТ



## САБАК ДАЯРДАГАНДА

Максатка математикадан сабак даярдатып жаткан атасы:

- Аскардын эки алмасы бар дейлик, анан сен үч алма берсең, анын алмасы канча болот? – деп сурады.

Максат: - Мен ага алмамды бербейм...

Атасы: - Мейли, сенин үч алмаң бар, ал сага эки алма берсе, бардыгы канча алма болот?

Максат: - Оболу эки алманы берсин, анан айтам...

## ТЕЗИРЭЭК КЕЛСИН ДЕП...

Бир күнү Урмат дубалда илинип турган календардын барактарын убай-чубай айрый баштаса болобу. Энеси анын бул жоругуна таң калып.

- Ой, чунак, бул эмне кылганың? – десе,

- Туулган күнүм али алыс экен эмне! Тезирээк келсин деп жатам, апаке, – деди камарабай туруп.

*Вахап УМАРОВ,*
*Араван району*



# ТУУЛГАН ЖЕРДИН АТТАРЫ

## ЗАРГЕР

Мен Заргер айылында жашайм. Айылыбыздын орто жериндеги жол боюнда чоң үңкүр бар. Мына ушул үңкүрдө 1906-1910-жылдары зергер-усталар күмүштөн шакек, билерик жасап, ат жабдыктарын коодошчу экен. Ошондой эле дүкөн куруп, шайы-макмал сатышкан. Кол өнөрчүлүк өнүккөн жерде базар да болот тура. Таран-Базар ошондон калган. Зергерчилик кесиби көп жылдар бою улантыла бериптир. Ушундан улам устакана жайгашкан жер «Заргер айылы» деп аталып кетет. Түштүктө зергерди заргер деп да айтышат.

*Абдикерим МАТКЕРИМОВ,*
*Өзгөн району*

## БАРСКООН

Илгери-илгери бир хан бул жерге коон айдайт. Бир күнү коон чоңойду бекен деп көргөнү барса, чаар-ала бирдеме дүңкүйүп жатат. Аябай чочуп кетет да, шашыла артына кайтат. Желдеттерин чакырып алып, жанагы чаар неме жөнүндө айтат. Желдеттери да чочулайт, бирок барбай коюуга болбос эле. «Айт, уйт!» деп үн чыгарып отурушуп, тигиге улам жакындай беришет. Чукул келип карашса, хандын үрөйү учуп, корккону айбанат эмес эле, чаар коон экен. «Шумдугуң түшкүр, ырас эле барска окшогон коон тура!» – дешип күлүшөт, хандын жасоолдору. Айылдын аты ошондон калган дешет.

*Роза ИСАКОВА,*
*Каракол шаары*

# КЫСКА, БИРОК НУСКА



## «УУРУНУН КАЛПАГЫ ӨРТТӨНҮП БАРАТАТ»

Бир киши акчасын алдырып коюптур. Ууруну табыш кыйын болот. Качан гана текши эл чогулганда бирөө минтип кыйкырыптыр:

- Туугандар, өрт! Уурунун калпагы өрттөнүп баратат!

Ошондо бир адам шашып кетип калпагын баса калыптыр. Көрсө, ууру ошол адам экен.

## «МҮЙҮЗДҮҮ БОЛОМ ДЕП КУЛАГЫНАН АЖЫРАЙТ»

Коён иттен коркуп, токойго кире качыптыр. Кутулганына сүйүнөт, бирок дагы да бекемирээк жашынар жер издей баштайт. Тапкан коңулуна ыраазы болбой дагы эле тандай берет. Бир маалда карышкырдын чеңгээлинде туруп, минтип ойлойт: «Мүйүздүү болом деп кулагынан ажырайт дегендей» иш болду ээ.

## «КЫЗДЫН КӨЗҮ – КЫЗЫЛДА»

Бир кыз энеси экөө базарлап чыгат. Чачына байланар келе издейт. Тандап жүрүп отурушат. Бир кезде энеси кызынан сурайт:

- Деги, кандайынан?

- Кызылынан.

- «Кыздын көзү кызылда» деген ырас, – деп күлүптүр энеси.

## «КАРАПАЙЫМДЫК»

Дагестандагы авар элинин атактуу акыны Гамзат Цадаса бир күнү тиш салдыруу үчүн доктурга келет.

- Тишиңизди алтындан, же болоттон салайынбы? – дейт доктур ага.

- Айылдаштарым «Оозу эле жаркырайт» деп, оозума карабай, өзүмө карашсын. Кадыресе эле сөөктөн сал, – дептир акын. Гамзат карапайым элден айырмаланууну эч качан каалачу эмес экен.

## «ЭМГЕК АКЫСЫ»

Расул Гамзатов бала кезинде коңшусунун жылкысын үч күндөй багып калат. Эмгек акысына коңшусу ага китептен ыр окуп бериптир. Буга Расул аябай ыраазы болчу экен.

## «БАШ БОЛСО, БӨРК ТАБЫЛАТ»

Дагестан калкынын көрүнүктүү акыны Абуталип акын сөрөй бирөөнүн баш кийимин көрүп: «Лев Толстойдун калпагындай калпак сатып алган экен. Ал анын башындай башты кайдан сатып алат?» – дептир.

# КҮЛБӨЙ КАНТИП КОЁСУҢ?



* * * *

– Апаке, мен бүгүн катуу жыгылдым.
– Ыйладыңбы?
– Жок, карасам жанымда эч ким жок экен.

* * * *

– Асан, мышыгыңды берчи, бир күнгө? Биздин үйдө чычкандар көбөйүп кетиптир, кармап жесин?

– Антпей эле сен чычкандарыңды мында алып кел, менин мышыгым жеп берет, – деди мышыгын бергиси келбеген Асан.

* * * *

Руслан кампадан чычкан тиштеген мышыкты көрүп чуркап барды да, аны силкилдете баштады. Аны көргөн энеси:
– Ташта, кокуй, аны эмне кылып жатасың? – десе,
– Чычканды түкүр десем, тил албай жатат, – деди.

* * * *

Бир кичинекей кыз энесинен сурайт:
– Апа, сиз да мендей кичинекей болгонсузбу?
– Болгом.
– Бала бакчага баргансызбы?
– Баргам.
– Кызык, анда мен ким менен калчумун?

* * * *

Класста «Алиппе» сабагы өтүп жаткан. Мугалим эжей эң артта отурган бир окуучуну тургузуп, минтип сурады:

– «А» тамгасы менен башталган сөздөрдөн 5-6ны айтчы?

– Автобус, автомобиль, автомашина...

– Сенин автомашиналарың эмне, бир жерге тыгылып калганбы?

– Жок. Аларды сүйрөп чыгара турган автокранды да айтайын деп тургам.

* * * *

– Тишиң ооруп, озондойсуң эми. Дагы момпосуй жеп жатасыңбы? – дейт атасы уулуна.

– Жеген жокмун, соруп эле жатам.

* * * *

Айылга биринчи жолу бараткан шаардык бала талаада жайылган койлорду карап:

– Эми булар чоңоюп, ат болушат ээ? – дептир.




КОМОКТОР.

*Аалы ЖАКИШЕВ*

## «ЖЫГЫЛГАН ЖОКМУН, ТУРАЛБАЙ ЖАТАМ»

*(Эл оозунан)*

Каш карайып калган кезде бададан кунаажынды куйруктап келген Бектемирге апасы:

-Бекибай, Чынтемир абаң шернесин таркатып жатыптыр. Барып, кесме-сесмени көтөрүшүп келгенге жардам эткин, – деди.

Караңгы кирип калган маал эле. Бектемир апасы экөө шернедеги тиешелүү энчилерин алып келатышты. Бектемирдин колундагы чарада булоолонгон төрт жилик эт, апасында сорпого аралаш куюлган кесме.

- Бекибай, артта калбай бат бассаң боло, – деди энеси артына кылчая.

- Басып эле баратам, апа, бирок арыктан өталбай жатам. – Аңгыча чаранын ташка тийген калдыр-шулдуру энени кулагына шак дей түштү.

- Ыя айланайын, Беки, жыгылып кеттиңби?
- Жок, апа, жыгылган жокмун, туралбай жатам.
- Алда олдоксонум ай, колуңдагыны түшүрүп алдың го?
- Түшүргөн жокмун, чараны табалбай жатам, – дептир шашканынан.

*Бек ЖЫЛДЫЗ*

# ЖЫЛДЫЗ КУРТТУН ОКУЯСЫ

*(жаңы жомок)*

Күн нуруна эркелеп көпөлөктөр учуп жүргөн. Көпөлөктү кармайм деп жүрүп Бекжан ээн талаага келгенин байкабай калды.

- Ай! Абайла! Мени тебелеп койбо!

Чыбыкка жармашып кооз сары курт сүйлөп жатыптыр.

- Сен кимсиң? – деп суроо берди Бекжан.

- Мен Жылдызкуртмун. Апам – Калдыркан!

- Калдырканбы? – деп таң калды Бекжан.

- Ооба! Мен апамдын жумурткасынан өсүп чыккам. Жалбырак, чөп жеп чоңойдум.

Жылдызкурт Бекжанга аябай жакты.

- Кел, дос бололу, – деди ал.

- Болуптур! – Жылдызкурт сүйүнүп кетти.

Экөө жыргап ойноп жүрүштү. Күндөрдүн биринде Жылдызкурт араң эле кыбырап, алга жылгысы келбей калыптыр.

«Күз келатат. Мен боз ташка айланам да, уктайм. Жазында ойгоном», – деп чырпыкка жабышкан бойдон калды.

Кышында Бекжан досуна бешик ырын ырдап берип жүрдү.


Жаркыраган жаз келди. Чырпыктагы боз таштын салмагы чоңоюп, бир күнү жарылды. Ичинен жөргөлөп көпөлөк чыкты. Ал канатын жайганда кооз сарала гүлгө окшош экен.

- Сенин атың ким? – деп сурады Бекжан.

- Калдыркан. Апам болсо Жылдызкурт.

Аңгыча көпөлөк көк асманды көздөй учту.

- Кош, Калдыркан! Мен сага зыян келтирбейм. Гүл ширесин соруп, көкөлөй бер. Сенин жумурткаңдан Жылдызкурт чыгат, – деп, досун күтүп кала берди.



*Мукамбеткалый ТУРСУНАЛИЕВ*

# МЕЙМАНДОС ЖОЛБОРС

*(табышмактуу жомок)*

Күндөрдүн биринде түлкү чытырман токойду аралап келе жаткан эле. Бир маалда тике мандайынан жолборс чыга калды. Капыл-тапыл жолуккандыктанбы түлкүнүн жүрөгү шуу дей түштү. Бирок, ал куу да. Коркконун сездирбей, жолборсту мактап кирди:

- Баракелд-е-е, Жоке! Табыңызга келип турган чак экен. Карачы, туруш-турпатыңызды, жөн эле керилесиз. А марттыгыңызчы?

«Ушу куу түлкү туура айтат. Мен өзүмдү өзүм жакшы билбейт окшоймун. Болбосо токойдо менден өткөн берешен барбы? Кой, марттыгымды көрсөтпөсөм болбос».

Ошентип жолборс мейман чакыруу керек деген тыянакка келди.

Коноктор түгөл келгенден кийин жолборс ортого чыгып, мындай деди:

– Кадырлуу меймандар! Бу тирүүчүлүктө сыйлаша жүргөнгө жетпейт экен. Аңгыча кампанын оозу ачылды.

Меймандар биринин артынан бири кирип жатышты. Бир аздан соң бир челек балды тоголотуп аюу чыга келди, бир кучак көк чөп көтөрүп, коён чыкты. Акырында кампага жолборс өзү кирди. Кирсе, кампа аңгырап бош калган экен. Эмне кылаарын билбей далдырай түштү. Анан акыл-кеңеш сурамак болуп, баягы түлкүгө кайра барды. Болгон ишти төкпөй-чачпай ага айтып берди. Түлкү жолборстун айткандарын ынтаа коюп укту да, анан мындай деди:

- Эми мындай кылыңыз, Жоке: Тоо-токойго кайра чаптырыңыз. «Жолборс түшкө чейин тамак таратты эле, түштөн кийин акыл таратат экен» деп кабар айттырыңыз. Ошондо ала келишээр, көтөрө кеткендерин.

Жолборс дал ошондой иштеди. Бирок, эки саат өттү – эч ким келбеди. Кеч кирип, каш карайды – эч ким келбеди. Эртеси болду – эч ким келбеди. Ушул убакка чейин эч ким келе элек.

# КИМ КҮЧТҮҮ?

*(Нанай эл жомогу)*

Илгери, илгери бир бала болгон экен. Ал бардыгын билгиси келип, такып сурай берчү. Такмаза бала суроосу менен чоңдорду да жадатып жиберчү экен.

Бир жолу ал атасын суракка алды:

– Баарысынан ким күчтүү, ата?

– Аны суудан сурачы, уулум.

Бала үйдөн чыкты да, суунун жээгине келди. Суу тоңуп калган эле.

Бала муз тээп ойноп жатып, тайгаланып чалкасынан кетти. Этин катуу оорутуп алып, муздан сурады:

– Эй, муз, сен мени эмне көтөрүп чаптың? Же ошончо эле күчтүүсүңбү?

Муз чартылдап жооп берди:

– Сени көтөрүп чапкан соң, күчтүү экемин да! Ха-ха-ха!

Такмаза бала кайра сурады:

– Күчтүү болсоң эмне үчүн Күндөн коркосуң? Жазында эрип кетип, суу болуп каласың?

Анда муз:

– Ырас, Күн менден күчтүү.

Бала эми Күнгө кайрылды:

– Күн сен баарысынан күчтүүсүңбү? – деп сурады:

– Эгер музду эритип ийсем, күчтүүмүн! – деп жооп берди Күн.

Бала кайра сурайт:

– Эгер күчтүү болсоң, эмне үчүн кичинекей булут сени калкалап коёт?

Күн акырын жылып барып, булутка кирип кетти.


– Булут менден күчтүү да, – деп койду акырын.

Такмаза эми булутка кайрылды:

– Эй булут, баарысынан сен күчтүүсүңбү?

Булут:

– Эгер Күндү калкалап койсом, мен күчтүү экенмин да.



Бала таңгала сурайт:

– Эгер күчтүү болсоң, эмне үчүн шамал сени ары-бери кубалайт?

Булут кабагын бүркөп:

– Шамал менден күчтүү да, - деп койду.

Бала эми шамалга кайрылды:

– Эй, шамал, баарысынан сен күчтүүсүңбү?

Анда шамал минтип жооп берди:

Булутка күчүм жеткен соң, мен күчтүү эмей...

– Бала кайра суроо берди:

– Андай балбан болсоң эмне үчүн тоону омкоруп салбайсың?

Шамал шуулдай түштү:

– Тоо менден күчтүү болсо кантейин?

Бала тоого чуркап барды:

– Эй, тоолор, баарынан силер күчтүүсүңөрбү? Тоолор минтип жооп берди:

– Демек, шамалдын алы жетпегенден кийин биз күчтүү болбогондо, ким күчтүү?

Бала кайрадан такыйт:

– Эгер силер күчтүү болсоңор, эмне үчүн карагайлар чокуңарга чыгып алышат?

Тоолор селт этип, чочуп кетишти:

– Карагайлар бизден күчтүү болсо, кантебиз?

Бала эми карагайлардан сурады:

– Тоонун чокусуна чыгып алганыбыз биздин күчтүүлүгүбүз да.

Бала кайрадан сурайт:

– Эгер күчтүү болсоңор, эмне үчүн адамдар кыйганда кулап түшөсүңөр?

Карагайлар шуудурай түштү:

– Адамдар бизден күчтүү болсо айла канча?!.

Такмаза бала дүйнөдө баарысынан адам күчтүү экенин эми түшүндү. Үйүнө чуркап келди да, буларды атасына бабырап айтып берди.

*Которгон Санарбек Карымшаков.*

*Жапарали ОСМОНКУЛОВ*

# КӨЗ МОНЧОК

Асан карыя жылдагы көнгөн журту – Миң жылкыга дагы конду. А дегенде кемпири экөө келди. Кийин неберелери кошулду. Улуусу – Асыл жети, кичүүсү – Гүлжан беш жашта. Райла чоң энеси экөөн тең бирдей жакшы көрөт. Анткени, алар колуна-кол, бутуна-бут. Үй ичин мизилдете шыпырып, таза кармашат.

Жайлоо толук көркүнө чыгып, кымыз күүгө келгенде Асан карыя үлүш өткөрдү. Эл көп келди. Асыл менен Гүлжан чоң энесине тең жарышып дасторкон жайып жүрүшөт. Боорсок, токоч ташып, кымыз куюп... Экөөнүн тең беттери эндик коюп алгандай албырып, өзгөчө татынакай эле.

...Күн кечтеп эл орунга отурду. Үлүш да таркады. Бирок, негедир кыздардын маанайлары пас тартып, эти ысып чыкты. Ооруп калгандай болду.

Чоң энесинин шаштысы кетип, молдого чуркады. Ал киши да ырас үйүндө экен. Ыклас менен дем салды. Андан соң чоң энеси ата-бабанын эзелки ырымын жасап, көз мончок такты. «Жаман көздөрдөн, жаман сөздөрдөн сактай гөр!» – деп бирдемелерди ичинен кобурады.

Көз мончоктун касиетиненби, же чоң энесинин мээриненби, айтор кыздар үч күнгө жетпей сакайып кетишти. Күлүп-жайнап, чоң ата, чоң энесин кубанычка бөлөдү.

Мал жайлоого чыкканы карышкыр күч алды. Улуп-уңшуп, боз үйдү тегеректешет, каапырлар. Малчылар карышкырларга түгөл аттанышты. Мылтык менен атып, капкан салышып... Ошондо «бир канчык карышкыр капкан чапкан бутун кырча тиштеп, бөлтүрүгүн тиштей качыптыр» – деген кеп угулуп калды. Бирок, кансыраган байкуш муздак башаттын оозуна келип жыгылат. Оозундагы

бөлтүрүгү ары-бери темтеңдеп басып жүрөт. Кыздар ошо убакта булактын жанында ойноп жатышкан. Күчүктү ала коюшуп, жонунан сылашты, эркелетишти. Ошол учурда эне карышкыр кайра эсине келип, азуусун арсайтып, айбат көрсөттү. Бөлтүрүгүнө болушуп, тиш салгысы келгендей болду. Ким билет, эгерде малчылар жете келбегенде кандай кырсык болот эле? Ошондо Асыл менен Гүлжандын чоң энесинин Кудайга жалынганын айтпа! «Касиетиңен айланайын көз мончок! Кыздарымды сактап калдың! Касиетиңен сенин, касиетиңен!» – деп миң сан кайталай берди.

# АЛДАР КӨСӨӨ БАЙДЫ КАНТИП АЛДАДЫ?

*(Эл жомогу)*

Илгери-илгери элден алдап алган малына чиренген бир бай жашаптыр. Ал ашкан дүнүйөкор да, залим да болуптур. Кокус бир кою ыландап калса, башына жаздык жаздап, жанында ыйламсырап отурчу экен. Жыл маалы малай жүрүп бир чычкак улакка тең болбогон жалчылар күн сайын көбөйө берет. Биттин ичегисине кан куйган битир байдан оолак жүрөлү дешет, бирок, көр оокат моюндан байлагандай мажбурлайт. Алардын мунусун түшүнгөн залим бай мурдун асманга көтөрүп чамгарактайт.

Ушинтип ал байдын мурду булут челип, буту жер баспай турганда башына бир ой келет: «малым тескери жайылып, кайберен болуп кетмек болду. Кой, далайын сатып, алтын, күмүш теңге кылып, жамбашыма басып жатайын».

Кулагына алтын, күмүш тыйындардын шыңгырагы угулуп, азга магдырай түшөт да, анан эсине келет.

Байлыгы чирип жатса да, үстүнө үйүрүп салаар түзүк кийими жок урган неме таңкы сыдырымда калч-калч этип базарга аттанып калат. Күтүрөгөн мал «айт-уйт» дегенине баш бербей, эсин эки кылат. Ызгыган чаң бала-шала куюлган терине көөлөнүп, базарга жеткенче мокочо кейпин кийет.

Дүйнөдөн көзү каткан бай малына асмандын башындагы наркты сурайт. «Жинди болгон немеби?» – дешип, эл кол шилтеп кете беришет. Тиги залим болор эмес. Тишинин кирин соруп, алиге бир орунда отурат. Бир маалда караса, кең базарда өзүнөн жана айдап келген малынан башка жан жок. Алуучудан эч ким калбаптыр. Ошондо башын бир мыкчып алат да, кайра өзүн-өзү сооротот: «Арзанга бергендей мал талаада жатыптырбы? Келерки базарда алышпаганын көрөм, булардын».

Аңгыча кайдан-жайдан маңдайына жыртык тебетейин кыйшайта кийген Алдар көсөө келип калбаспы. Байдын жүрөгү «шуу» дей түшөт.

- Ассоломалейкум, бай аке! Соодаңа береке! Алуучу – кашыңызда. Наркын айтыңыз? – дейт шыпылдап.

- Жогол, нары! Саламыңдын да, пулуңдун да кереги жок. Сендейге алдата коё турган ачык ооз мен эмес, – дейт бай чакчырылып.

- Ээ, макул, эрк өзүңүздө, – дейт да, Алдар көсөө атына камчы урат. «Колума бир түшөөрсүң» деп ойлойт өз ичинен.

Сараң бай башын шылкыйтып, малын айылына айдап жөнөйт. Курсагы да ачка, андан калса, жолу болбогонго ындыны өчүп келатса, жол боюнда карарган бирдеме жатат. «Э Кудай, олжо боло көр!» деп тилейт шашканынан. Ырас эле олжо экен. Бирок, өтүктүн бир сыңары. «Аттигиң ай, экинчи сыңарынын болбогонун карачы. Жыргап гана кийип албайт белем» деп өзүнчө кобурап, өтүктү наржакка көңүлсүз ыргытып таштайт.

Малынын артында салбырап келе берди. Дагы бир кичинекей дөбөчөдөн аша берерде баягы өтүктүн экинчи сыңары жатат. Байдын жүлжүйгөн көздөрү умачтай ачыла түштү. Бирок, ошо замат жүрөгү «тыз» этти. Берки сыңарын бая жол боюна ыргытып ташт табады беле. «Кап», деп санын бир чаап да алды. Анан жыландан качкан эмедей артына безип жөнөдү. «Мал кайда качмак эле, андан көрө өтүктүн жолдо калган сыңарына жетейин» деген ойго келген окшоду.

Алдардын көздөгөнү да ушул эле. Ал нарыдагы бадал арасынан шылдыңчыл күлүмсүрөп чыга келип, байдын ээн калган малын алдына салды. Баятан бери улам бир өтүктү сараң байдын жолуна таштап, башын айланткан дал Алдардын өзү болучу.

Букара калктын таман акы, маңдай теринен тапкан малды кедейлердин досу Алдар көсөө бай колунан ушундайча кайтарып алган экен.

# АЙ, КҮН ЖАНА КОРОЗ

*(жомок)*

Илгери-илгери Күн, Ай, жана Короз үчөө бир тууган экен. Үчөө асманда чогуу жашашыптыр.

Бир күнү Күн адатынча жумушуна кетет да, Ай менен Короз үйдө калат. Кечинде Ай Корозду «сыртка барып чайнекти алып кел» деп жумшайт. Бирок, жалкоо Короз «аябай чарчап турам, кааласаң өзүң бар» деп моюнун толгоп коёт. Ошондо Айдын ачуусу аябай келип, тил албаган инисин таажысынан кармап, жерге ыргытыптыр. Кечинде Күн үйүнө келип, Короздун жоктугун көрөт. Иниси Айдан такып сурап киргенде ал Күнгө болгон окуяны толук айтып берет.

Ошондо Күндүн ачуусу келип: «Эгер сен биз менен чогуу жашоону каалабасаң, мен да сени менен чогуу жашай албаймын. Бүгүндөн баштап түнкүсүн асманды сен кайтарасың, мен ишке күндүз гана чыгамын. Короз инибиз эми бизге кайрылып келбейт, сен аны келгис кылып куулган экенсиң. Бирок, эсиңе ал. Ал мени эч качан унутпайт. Ар качан таң менен асманга чыкканымда алдагы ойгонуп, менин нурларыма кубанат. Канаттарын каккылап, мага салам айтып кайкырат. Сен көрүнгөн кезде Короз күркөсүнө жашынып, сени менен учурашпайт».

Ошондон баштап ушул күнгө дейре үч бир туугандын жашоосу үч башка болуп калган экен. Ар күнү таң атып, Күн чыкканда Короз дароо ойгонуп: Ку-ку-ку-куук! Ку-ку-ку-куук! – деп кыйкырат. Бул болсо Короздун тилинде: - Мен мындамын! – дегени тура. Ошентип Күн батмайынча Короздун: «Ку-ку-ку-куук!» – деп кыйкырганы кыйкырган. Ал эми кеч киргенде жашынганга шашат. Анткени, качандыр бир кезде өзүн катуу таарынткан бир тууганы Ай менен жолугушкусу келбейт.

# КЕДЕЙ КАЗДЫ КАНТИП БӨЛҮШТҮРДҮ?

*(уламыш)*

Качандыр бир кезде айылда бир кедей жашаптыр. Анын жалгыз казынан башка эч нерсеси жок экен. Ар кимдин эшигинде жалданып иштеп күн өткөрөт.

Күндөрдүн биринде уну түгөнөт. Ары ойлонот, бери ойлонот, акыры байдан ун сурап алууну чечет. Бай эшигине жолотпой кууп чыкпасын деп, баягы жалгыз казын союп, бышырат. Анан майга келиштире кууруп, байга тартуулайт.

Куурулган казды көргөн бай аябай ыраазы болот, бирок казды баарына тегиз бөлүштүрүүнү биле албаган бай, кедейге мындай дейт:

- Казды ырас алып келген экенсиң, эми аны өзүң баарына тең калыс бөлүштүрүп бергин. Жакшылап бөлүштүрсөң – ун берем, а бөлүштүргөндү билбесең, куру жалак жолуңа салам.

Кедей бир азга ойлонуп, каздын башын шарт кесип, байдын алдына жылдырат. – Үйдүн ээси өзүң болгондон кийин, каздын башы да сага тийиштүү, – деди ал.

Андан кийин каздын моюнун кесип, байдын аялына сунуп:

- Күйөөң үйдө – баш болсо, өзүң – моюнсуң. Моюнду кайда бурса, баш ошо жакта, демек каздын моюну сага ыйгарылат.

Каздын эки канатын кесет да, байдын эки кызына сунат:

- Силер бул үйдө меймансыңар, убакыт жеткенде жай-жайыңарга кетесиңер. Каздын эки шыйрагын байдын эки уулуна карматып:

-Тез чуркап, ата-энеңердин буйругун так аткарып жүрсүн деп буларды силерге ыйгарам.

Баарына бөлүштүрүп бүткөн соң кедей:

- Ар бирөөнө тийиштүүсүн калыстык менен бердим. Бул болсо өзүмө артып калды, – деди.

Бай кедейдин таамай айткан акылдуу сөзүнө ыраазы болуп, чымчып бууму бир кап унду кармата берет.

Кедей кудуңдап сүйүнгөн бойдон, унун көтөрүп үйүнө келет. Арыдан-бери камыр ачытып, этектей-этектей нан бышырат. Жаңы бышкан ысык нан менен алиги калган этти кошуп жеп, карыны тоюп, чечекейи чеч болуп жатып калган экен.

# АЛП БАЙКАЛ

*(Бурят эл жомогу)*

Байыркы бир заманда Байкал деңизи – шайыр жана ак көңүл болгон экен. Ал өзүнүн жалгыз кызы Ангараны абдан жакшы көрчү. Андан ашкан сулуу эч жерде болбогон.

Оболу каздар, аккуулар, каркыра-турналар жапыздап учушчу, бирок Ангаранын суусуна сейрек конушчу. Алар өз ара сөз кыла турган: – Тунук нерсени да булгоого болобу?

Күндөрдүн биринде, карт Байкал уктап калганда жаш жигит Енисейге чуркап жөнөйт. Атасы капыстан ойгонот, кызынын жоруюна ачууланып, толкун чачат. Катуу бороон жүрүп, тоолор улуйт, токой кыйрап, асман түнөрүп, айбандар корккондуктан туш-тушка качып жок болот. Күчтүү Байкал кар тоону бир чапчып, асканы жулуп алат да, качып бара жаткан кызынын артынан ыргытат. Аска сулуунун так эле кекиртегине барып түшөт. Көзүнө жаш алып, Ангара муунуп, жалынып-жалбарып, ыйлап суранат атасынан:

– Атаке, мени кечирип кой, тамагым буулуп, өлүп бара жатамын, жок дегенде бир тамчы суу берчи?

Байкал ачууланып үн катты: – Мен сага өз көз жашымды гана бере алам!

Жүздөгөн жылдардан бери Ангара Енисейге көз жаштын суусундай болуп агат. А карт буурул Байкал болсо, ошондон бери түнт жана ачуулуу. Кызынын артынан Байкал ыргыткан асканы адамдар «Шаман ташы» деп атай баштайт. Илгери андан эл коркуп: «Байкал ачууланып жатат, Шаман ташын жарып өтүп, суу баардык жерди каптап кетпесе экен!» – дешип күбүрөшчү. Бул алда качанкы уламыш, азыр адамдар Байкалдан коркушпайт. Себеби, андан күчтүү.

# ТИКЕНДҮҮ ТОНДУН ПАЙДАСЫ

*(жомок)*

Токойго опойто кар жаады. Кирпи кышка камынган эмес. Жаңы жааган карды кечип, шөмтүрөп баратса, алдынан коён чыгат. Тону аппак экен. Кирпи коёндон сурайт:

- Эски тонуңду эмне кылдың?

- Айырбаштадым.

- Кантип?

- Чакчыгайга барсаң, жардам берет.

Кирпи чакчыгайга келип, коёндукундай жумшак, аппак тон таап берчи деп суранат. Анын тикенектүү тонун чечип алып, аппак, жумшак тон кийгизет, чакчыгай.

Көйрөңдөнүп кетип баратса, алдынан түлкү чыгат. Үрпөйүп коркутайын десе, тикендүү тону жок. Безип качайын десе, коёндой күлүк эмес. Кудай жалгап бир чуңкурду көрө калып кире качат. Калтырап, титиреп көпкө жатып, бир маал чыгып, чакчыгайга кайра барат:

– Мына бу сулуу тонуңду ал да, өзүмдүн тикенек тонумду бер, байболгур!

Кирпи тикенек тонун кайтарып алып, баягысындай жыргап -куунап жашап калат. Түлкү тургай, бөрү да даай албайт.

«Тикени оозумду саят» – деп, баары коркушат. Коркпогондочу?!

*Жыргал* **ЫСМАНОВА**

# МЫШЫК МЕНЕН ЧЫЧКАН

*(жомок)*

Чычкан деген чычкан да, мышыктан өлө коркот. Канчалаган чычкандар мышыктын азыгы болду. Ошондуктан, бул үйдөгү чычкандар да мышыктын укташын күтүп, ийинден чыга албай көпкө аңдып жатышты. Бир убакта мышыктын кырылдаган коңуругу чыкканда «калппы, чынбы» деп ийинден чыга калып, эки жагын караштьı. Чын эле мышык жайлуу жер таап жыргап уктап жаткан экен.

– Ох! Кудай мындай бербеспи, курсагым да ачып кетти, – дейт Ийри тумшук чычкан.

– Акырын, – дейт, Шиш мурун чычкан. – Мышыкбайды ойготуп алабыз.

– Эй, коркок, андан көрө эки жактан жыт алсак боло, жаңы бышкан эт жыттанып жатат, – деп Ийри тумшук чебелектеди. Экөө жанталашып, шимшилеп издеп кириշти.

– Мен таптым, сугалак элең абайла! – деп Шиш мурун Мышыкбайдын мурутун жалап кирди. Экөө эки жак мурутун жалашып, чардая тоюшту. Булардын багына мышык жуунбай уктаптыр.

– Эми эс алуу керек, – деп Шиш мурун Мышыкбайдын үстүнө чыгып керилип, нары-бери басып кыңылдап, ырдап кирди.

– Ооба десең, кандай сонун рахат! – деп, Ийри тумшук Мышыкбайдын кулагына отурду.

Уйкудагы Мышыкбай мени бирөө жегени аткан го деп коркуп, акырын которулуп койду эле, экөө тең топ деп жерге кулап түшүштү, мышык тура калып, көргөн көзүнө ишенбей турду.

– Качтык, – деди, Шиш мурун.

– Өлдүк, – деди Ийри тумшук. Ошентип, бири-биринен ашып-түшүп ийинге кандай кире качканын билбей калышты. «Нысапсызга кашык сунсаң, беш ууртайт» деген учкул сөз да чын тура.

# КОРОЗДУН КУЙРУГУ

*(жомок)*

Токой ичиндеги карышкыр, түлкү, короз үчөө баш кошуп, оюн-зоок курмак болушат.

– Кандай кылабыз? Эмнеден баштайбыз? – дейт короз менен карышкыр.

– Короз бизди дайыма эртең менен ойготуп турсун. Карышкыр токойдон жыгач ташып, мен от жагып, мордон түтүн чыгарып турайын. Ошондо калк биздин ишибизге таң калышат, – дептир, түлкү.

Келерки күнү карышкыр токойго жыгач алып келүүгө кетет.

Ошол учурдан пайдаланып түлкү корозго тиш салат. Короз арандан зорго качып кутулат. Бирок, куйругу түлкүнүн оозунда калат...

Токойдон кайтып келген карышкыр бактын башында шүмүрөйүп отурган корозду көрөт. Куйругу жок.

– Сага эмне болгон? – деп таңданат, ал.

Короз болгон окуяны айтат. Буга ачууланган карышкыр түлкүнү баса жыгылып, анын булактаган куйругун жулуп алат.

Карышкырдан зорго качып кутулган түлкү мындай чыга берип:

– Ушинтип бири-бирибиздин куйругубузду жула берсек, эч качан оюн-зоок кура албайбыз, – деп кыйкырган имиш.

# ТҮЛКҮНҮН КУЙРУГУ ЭМНЕ ҮЧҮН УЗУН?

*(жомок)*

Түлкү амалдуулукту да, куулукту да, айлакерликти да жакшы билчү.

Бирок бир да жолу учуп көргөн эмес эле. Күндөрдүн биринде асманга айланып учуу жөнүндө катуу ойлоно баштайт. Көкөйдөгү оюн каркырага билдирет.

Каркыра түлкүнүн айтканына көнүп, аны шилиден тиштеген калыбында асманга зымырап учуп жөнөйт. Алар өтө бийик учушат. Абада каалгып учуу түлкүгө оңой сезилет. Бир маалда каркырага кыр көрсөтө баштайт.

– Ой, болду! Коё бер, мени! – деп чаңырды ал, үнүнүн бардыгынча.

Каркыра түлкүнүн айтканын эки кылбай, өз жайына коё берет. Жерди көздөй кулап жөнөгөн түлкү жайнаган дүмүрлөрдү көрүп:

- Эй, дүмүрлөр, жол бергиле! Жол бошоткула! Жолдон качкыла! – деп кыйкырып жүрүп отурат. Тизилген дүмүрлөр бир орундан козголгон жок. Кулаган таштай зуулдап келе берип түлкүнүн куйругу узарып кеткен имиш.

# БАЛА МЕНЕН ЭШИК

*(Англис жомогу)*

Эски шаардын тар көчөсүндө бир дүкөн болгон экен. Анда өңчөй алтын менен күмүштөн жасалган өтө көркөм буюмдар, не бир түрлүү асыл кездемелер бар эле. Дүкөндүн эшиги тар көчөгө карачу. Анын ээси эшикти ачып салып, өзү дайыма сыртта тура турган. «Келиңиздер, кездеме алыңыздар! Келиңиздер, сатып алыңыздар! Келиңиздер, менин дүкөнүмө! Көрүңүздөр, көз тайгылтар буюмдарды!» деп, керели-кечке оозун жаппай кыйкырып турчу дешет. Бир күнү дүкөнчү падыша сарайына барууга камданат, анткени, падыша «дүкөнүңөн жибек чапан менен күмүш кесе апкелип бер» – деп буйруптур.

Дүкөнчү кол баласын чакырып: «Азыр падыша сарайына барамын, – дейт. – Сен дүкөндүн жанында бол, кантсең да дүкөндүн эшигин таштап кетпе! Түшүндүңбү?».

«Ии, түшүндүм», – дейт бала. Дүкөнчү көп кечикпей, падыша сарайына кетет. Падышага келишкен жибек чапан менен күмүш кесени алпарып, үйүнө көңүлдүү кайтат. Ал дүкөн алдына келип караса, дүкөндүн эшиги да жок, бала да жок.

«Кокуй, бул эмне болду?!» – деп бакырат. Эл дүкөндүн ичине убап-чубап кирип, чыгып жатат. Бир мезгилде баланы көзү чалды. Ал дүкөндүн эшигин жанына чыгарып алып, сыйкырчы-маскарапостордун оюнун кызыга карап турган экен. Дүкөнчү шашкалактап баланын жанына жүгүрүп барды.

– Мен сага дүкөндү кайтар дегеним кайда?!

– Жок, – деди бала, – сиз мага эшикти таштап кетпе! – дегенсиз.

# АМАЛДУУ АТ

*(Румын жомогу)*

Карышкыр ачка болучу. Кулунун ээрчитип оттоп жүргөн бээнин жанына келип, шилекейин чубуртту:

– Кулундун эти кандай гана таттуу! Мага мунуңду сатпайсыңбы? – деп кайрылды бээге.

– Албетте, – деди бээ. – Сатпагандачы, сатам.

– Канчага сатаар элең?

– Канчагабы? Эсимен чыгып турганын карабайсыңбы. Анын наркы менин темир такамда жазылуу эле. Сен сабаттуу жансың го, өзүң окуп алчы! – деп арткы бутун көтөрдү, бээ.

Карышкыр айланып барып, такадагыны окумакчы болду. Ошо замат бээ аны карылуу буту менен тумшук талаштыра тээп калды. Карышкыр оңко-чоңко атып барып, сулады. Мына сага, кулундун ширин эти!

# АЙБАНАТТАР ТУУРАЛУУ

*(Уйгур жомогу)*

Мышык чычканды кармап алды да, тырмактарын матырып ойной баштады.

– И-и, ахывалың кандай, достум? – деп сурап коёт кээде.

– Сен мени көп кыйнабай жегиң келсе же, – дейт, чычкан жалооруп.

– Акмактын өтүнүчүн көр! – Мышык жон талаштыра согуп калды эле, чычкан ийининин оозуна жете түштү.

Күндөр өттү, арадан. Мышык жашаган үйдүн ээси тарманчыларды кармамакчы болуп, короо алдына тор керди. Ага мышык чатышып калса болобу!

Чычкандын буга аябай табасы канып, жанына басып келди:

– И-и, ахывалың кандай, достум? – деди мышыктын сөзүн кайталап.

Кантсе да чычкандын боору ооруп, торду кырча-кырча чайнап, тешиктерин чоңойтту. Мышык башбакканда – качты. Андан жакшылык күтүп болбойт эмеспи.

# ЖАШЫЛ, КЫЗЫЛ, АК ЖАНА КАРА БУУРЧАК ЖӨНҮНДӨ

*(Вьетнам жомогу)*

Илгери-илгери деңиздин ары жагындагы алыскы өлкөдө төрт эже-сиңди жашашыптыр. Бирөөнүн аты Жашыл экен. Анткени, ал дайыма жашыл көйнөк кийип жүрчү. Экинчиси кызыл кийип жүргөндүктөн, ал Кызыл аталыптыр. Агы болсо ак кийимди жактырчу. Кайда барса аппак болуп жасанып алчу. Төртүнчүсү – Карасы, кара кийингенди жактырчу. Төрт бир тууган күн сайын көз таңмай ойношчу.

Күндөрдүн бир күнүндө – күзүндө, кечкурун, кыздар ырбийдин эң бир кызык майрамы болуп жаткан Биз деп аталган коңшу кыштакка барышат. Эже-сиңдилер кыштакка жакындаганда аларды тосо балдар чуркап чыгышты. Меймандын келиши аларды кубанткан болучу. Бирок, Жашыл, Кызыл, Ак жана Каралар пейил күтө керкейишип, тигилерди кыйгай өтүп, ал тургай, Биз кыштагынын балдары менен учурашышкан да жок.

Эже-сиңдилердин Биз кыштагынын балдары менен достошкусу келбегендигин Шамал чоң ата көрүп калды. Каары кайнап, Булут чоң энени бир түрттү. Булут чоң эне Ай азаматтын бетин чүмкөдү. Биз кыштагы түнөрдү. Балдар коркуша башташты. Балдардын ынтымаксыздыгынын кесепетинен улам Биз кыштагындагы зор майрамды көрө албай калгандыгы үчүн Ай катуу каарданды жана балдарды жазаламакчы болду. Сыйкыр Ай Булуттун артынан баш багар замат – Жашыл кыз – жашыл буурчакка, Кызылы – кызылга, Агы – акка, Карасы – карага айланды да калды. Балдар болсо шалыга айланышып, шамалдын эпкининен титиреп кетишти. Кесирлүү эже-сиңдилердин каргашасын көрдүңөрбү!




*Мухаме ИМАЗОВ,*
*дунган жазуучусу.*

# АҢЧЫНЫН АПЫРТМАСЫ

Бир жолу коёнго ууга чыкмакчы болуп камынып калдым. Карманганым кош ооз мылтык болгону менен октолчу жезге салынган бытыра майдараак эле. Мылтыкты асынып, камданып калганда кайдан-жайдан чыкканын ким билсин, бак-шакты шуудуратып, бадал-четиндини сындырып, бет алдыман бир үйүр аюу чыга калса болобу!

Эки жагымды карасам, алыс эмес жерде токойчунун үйү турган экен. Жүгүргөн бойдон ага жетип, жыгач тамдын эшигин шарт ачып, көз ирмемде илгичин иле жаап алдым. Каалганын жылчыгынан шыкаалап карасам, аюуну беттеп бир жолборс келе жатат. Жан чиркин ширин эмеспи, кынынан мүйүз саптуу узун бычагымды суурул алып, эшиктин арасынан сойлото аюуну кош далынын ортосуна сайып жибердим. Аюу бир чаңырып алды да, келе жаткан жолборско жүгүрүп жетип, апчып кетти. Курч кош азуу жырткычтын кардын жерге түшүрө тилгенден кийин өзү да мындайыраак барып сулк жыгылып, жан берди. «Бир ок менен эки коён өлтүрөт деген эмеспи» – деп, ойлоп, өлгөн эки жырткычтын терисин сыйырмакчы болуп эшикти түртсөм, ачылбайт. Бир түрттүм... эки түрттүм... Бир маалда эшик менен кошо жыгылып бара жатканымды бир билем, андан кийинкиси эсимде жок. Көзүмдү ачсам, жерде жатам. Көрсө, уйкусурап, жаткан керебетимен кулап кетиптирмин, – деп мергенчи карс-карс аңгемесин аяктаган кезде, угуп отурган биз да аны коштоп каткырып жибердик.



# АҢГЕМЕЛЕР



*Сулайман* ***РЫСБАЕВ***

# ДАРАК ЖАНА БАЛДАР

Жол боюнда өсүп турган алма дарагы быйыл жазда жаңыдан гүл ачты. Ал бой тарткан кыз балага окшоп, көзгө сүйкүм көрүнүп, сулуу даракка айланды. Гүлү түшүп, алма бүчүрүн боюна катып, эне болууга даярданды. Эрке желге ыргала жалбырактары желбиреп, мөмөсүн төгөр күзүн күттү. Аны менен бирге, ары-бери өткөн балдар дагы алмасын жээр мезгилин күтүштү.

Балдар тентек, ойноок да, алма дарагын ой-боюна коёбу? Алмасы чүкөдөй болгондон баштап эле бою жеткен жеринен үзүп жеп, жетпеген жерине таш ыргыта баштаршты. Алма дарагы болсо, аларга жооп кайтарганга, «кой!» деп коёрго тили жок.

«Бир азга чыдагыла, тентектерим! Мөмөлөрүм бышсын. Бышканда өзүм эле алдыңарга төгүп берем жемишимди...», – дейт ниетинде.

Балдар болсо ага көнбөй «таш мылтык» атышат. Дарак эненин эти ооруганы менен да, көңүлү ооруганы менен да иши жок.

Ошентип жүргөн күздүн ысык күндөрүнүн биринде толукшуган дарак эненин мөмөлөрү кызарып, айрыкча сулуу болуп бышып чыга келди. Анын кызыл жүздүү алмалары жыпар жытын чачып, дарак болсо энеден бетер тамылжып, тентек балдарды күтүп жатты.

Сабагынан тараган тентек балдар жабыла жүгүрүп келип эле дарак энени көздөй «таш мылтык» атып киришти.

Дарак-эне болсо, алардын ар бир аткан ташына беш-алтыдан мөмөсүн берип, сүйүнтүп жатканына ыраазы болду.

Тентек балдардын кылары ошол эле.

*Батма АБДУХАМИДОВА*

## МЭЭРИМ

Бир күнү Гүлзат сыркоолоп калды. Апасы ага дары-дармек ичирип, төшөккө жылуу жаткырды. Кичинекей бөбөгү Аскар бакчадан келип, эжесинин оюнга кошулбай төшөктө жатканына ичи бышты. Анын эмне үчүн жатканын түшүнгөн да жок. Эжесинин жаздыгына чыканактай сүйөнүп:

– Эже, турчу, ойнойлучу, - деди жалооруй карап.

– Аскартай, мен ооруп жатпайымбы. Бир аз чыдай тур. Мен сакаям, анан сени ойнотом, - деди эжеси, инисин аяп.

Гүлзаттын «ооруп калдым» деген сөзү, кичинекей болсо да, Аскарды кабатыр кылды. Ал эжесинен алыс кетпей, эрмек болуп божурап ар нерсени сүйлөп берип отурду. Анан бир маалда ырдап кирди:

«Өзүм доктур боломун,
Анан айыктырып коёмун».

Бакчадан үйрөнүп алган бул ырын күндө ырдай берсе да, бул ирет атайылап өзүнө арнап ырдаганын түшүнүп, эжеси абдан ыраазы болду. Ал бөбөгүнүн колун аяр кармалап, өөп койду.

# ТОНЧОН КҮЧҮК

Бермет менен Гүлжамал короодо кечке куурчак ойношту. Сыдырым жел жүрүп, аба муздай баштады. Чак түштө күн аябай ысык болуп кеткендиктен, жемперин чечип коюп, жука көйнөкчөн оюнга алаксып отурган Бермет бир кезде чыйрыга баштады:

– Гүлжамал, карачы, мен титиреп жатам, – деди ал.

– Эмне үчүн титирейсиң? – деп Гүлжамал ага суроолуу карады.

– Үшүп кеттим да, ошон үчүн титирей баштадым да.

Этек-жеңин кымтылана бүрүшүп отурган Бермétти карап:

-Аа, менин күчүгүм да үшүп калса, сага окшоп калтырап-титирейт, – деди Гүлжамал, күчүгү эсине түшө калып.

Анда Бермет:

– Калп. Күчүк үшүбөйт да, ал деген тонун чечпей эле жүрбөйбү, – деди.

*Дүйшөн СУЛАЙМАНОВ*

# СЕН ҮЧҮН ӨСТҮРДҮМ

Осмон карыянын багында ар кандай алмалар бар. Алардын даамы да бири-бирине окшобойт.

Мына бул алманы «антоновка» дейт. Алмалары чоң, өңү көгүш тартып, даамы кычкыл келет. Дал ушул алманы анын небереси Курман жакшы көрөт.

Ал эми ала тагы бар чоң күздүк алмаларды эмнегедир мен жакшы көрөм. Мындан башка да «күн желеси» деген алма бар. Ал кичинекей болсо да өтө таттуу.

Осмон карыянын багынан «алматинка», «кызыл апорт», «столовка», «малинка» сыяктуу нечен сорттогу алмаларды көрүүгө болот. Бирок, алардын ичинде бир түп алма өзгөчө көзгө түшөт.

Карыя бир жылдары тоодон жапайы алма көчүрүп келип тикти. Бутактарын кыйып салды да, анын ордуна ар түркүн алманын – антоновканын, кызыл апорттун, столовканын, ранеттин, дагы башка сорттогу алмалардын бутагын кыйыштырды. Жакшылап сугарып, азыктандырып турду. Алманын бутактары өнүп, жылдан-жылга чоңоё берди. Арадан үч-төрт жыл өткөндө анын бутактарында бир-бирине окшобогон алмалар пайда болду. Анын бири кадимки эле антоновка, экинчиси кызыл апорт, үчүнчүсү ранет...

Муну көргөн Осмон карыянын небереси Курман бир күнү:

- Чоң ата, сиз карып калбадыңызбы, бул алмалар ким үчүн? – деп сурады.

- Сен үчүн, каралдым. Улам бир алмага жүгүрүп жүрбөй, бир жерден үзүп жесин дедим. Сен да менин жолумду улап, мени эстеп жүрсүн деп өстүрдүм.

Курман чоң атасынын мойнуна асылды...

*Канымкул ДЕМЕСИНОВА*

# САГЫН

Сагын бир күнү бала бакчага оюнчук мамалак алып келди. Аны тегеректей калган курбулары:

– О, сонун мамалак экен! Кайдан алдың, муну? – дешти туш-туштан.

– Апам сатып берди! – деп кудуңдады Сагын.

– Мамалагыңды берсең, көрүп берейин, – деп Адыл сураса;

– Жок-жок, бербейм! Менин мамалагым таптаза! Аны сен кармап, кирдетип койсоң ээ! – Сагын кабагын бүркөп, оюнчугун бооруна бекем кысып алды.

Ушу кезде алардын жанына чуркап келген Жийдегүл:

– Ай-и-ий! Татынакай мамалак тура! Сеникиби, Сагын? Абдан жакшы болбодубу! Эми, кечке дейре чогуу ойнойбуз, ээ? Берчи, бир көрүп берейин, – деди сүйүнүп.

– Ооба, сага! Берчи-берчи дей беришет. Түк эч кимиңе бербейм! Берсем, чамбыл-ала кылып булгап саласыңар! – деди, балдардан четтей берип. Ошондо, мында турган балдардын бүт баары ага наараазы болушту:

– Ой, сараң десе-е!

– Бербесең кой! Анда эч кимибиз менен ойнобойсуң!

– Мамалагы жок эле ойной алабыз!

– Жүргүлө, балдар!

Алар ушинтишип тышка, өздөрүнүн аянтчасына чыгышты. Анан, кол кармашып алышып, мышык-чычкан ойной башташты. Ынтымактуу балдардын көңүлдүү күлкүлөрү жаңырып, айлана шаңга бөлөндү.

Ал эми Сагын болсо, өзүнүн мамалагын кучактаган бойдон бөлмөдө жалгыз калды. Отура берип, отура берип аябай зерикти. Ордунан туруп ары-бери басты. Кайра отурду. Анан мамалагын ыргытып жиберди да, эки колу менен көзүн басып алып, бышактап ыйлай баштады…

*Зарыл КАСЫМАЛИЕВ*

## ТЕНТЕКТЕРДИН ЖАЗАСЫ

Бир күнү кызык болду. Асан адатынча ээ-жаа бербей, үйдү үч көтөрүп чаңдатып жаткан. Эшиктен кирип келген атасы томпойгон капкара бирдемени полго койду да:

– Көрдүңбү? Муну кирпи дейт. Кокус тентектик кыла турган болсоң ийнелери менен сайып алат. Сенин тентектигиңди тыйсын үчүн талаадан атайы барып кармап келдим. Кирпи тентек балдарды жаман көрөт, – деди.

– Алдап атасың. – Асан атасына ишенген жок.

– Мунуңду мен томолото тээп таштайм.

– Мен эч качан эч кимди алдап көргөн эмесмин. Алдамчы кишилерди жаман көрөм. Жакшы адамдар алдамчы болбойт, чынчыл, ак ниет, боорукер болушат. Жакшы балдар да ошондой. Тентектик да жаман. Тентектик ата-энесин уятка калтырат. Сен да мени бир күнү уятка калтырасың го...

Асан атасынын бул айткандарына анча көңүл бурбаган кейипте эки колун чөнтөгүнө салып турган. Аңгыча жанатан бери ийнелерин түктүйтүп кыймылсыз жаткан кирпи жөрмөлөп жөнөдү. Асан чуркап барып кирпини тээп калды. Ийнелери калың байпагынан өтүп кетти окшойт, бакырып кайра качты.

– Айтпадым беле, кирпи тентек балдарды жаман көрөт, – деп.

– Ыйлаган балдарды да жаман көрөт. Батыраак басыл! – деди атасы. Дагы бир балээге калбайлы.

Асан болсо тентектигин коюп калды. Ошондон бери «кирпи тентек балдарды кайдан билет?» деп таң калып жүрөт.

# ӨРДӨКТӨР

Биздин айыл Ак-Дөбө деп аталат. Айылдын алды жагы – көл. Көлдүн үстүндө өрдөктөр сүзүп жүрөт. Мен аларды жакшы көрөм. Жээкке жетээримде өрдөктөр көлгө чумкуп кетет да, кайра башка жерден чыгат.

– Эмне үчүн алар минтишет? – деп байкемден сурайм.

– Аларды атып, чочутуп коюшкан.

Байкемдин бул жообунан улам мен ойлонуп калам: өрдөктү аткан кишилердин өзүн көлгө чумкутушса жакшы болот эле.

# КЫЗЫЛ КАРАГАЙ

Лора, Динара болуп токойго бардык. Токойдо кыш. Карагайдын бутактарындагы кар эрип, мөлтүрөгөн тунук тамчы сызылып агат.

– Жакында жаз келет, – деди Лора эжем. – Бардык карагайлар ого бетер жашыл тартып, бактар бүрдөйт.

Биздин бет алдыбызда – кыйылган карагай. Дүмүрү апакай казга окшош, айланасындагы чамындылар балапандардай жайнап жатат.

Мен бул карагайды көргүм келген. Анткени, ал кызыл карагай болучу. Болгондо да токойдогу жалгыз кызыл карагай болучу.

*Шатман* ***САДЫБАКАСОВ***

# МЕБЕЛЬ

«Мебель алабыз... Мебель алабыз» деп жүрүштү атам, апам. Мен да көчөдөгү балдарга мактандым:

– Биз мебель алабыз... Мебель алабыз.

– Эрик аны билбейт экен, «ал эмне, техникабы» деп сурады.

– Эң сонун бирдеме... Эң сонун. Сага сөзсүз көргөзөм, – дедим.

Бир күнү кирсем эле үйүбүз кооз болуп калыптыр. Жыгач дейин десем күзгүдөй жалтырайт. «Оми-ий» – деп кармалап жибердим.

– Кокуй, токто, колу-бутуңду жуугун! – деди апам.

Ошентип жуунуп, аарчынгандан кийин мебелди көрөт экен. Мен мебель менен тааныша баштадым.

Мебель турган төркү үйгө кирип баратсам эле апам:

– «Шымыңды чечип кир, колуңда мык жокпу, чийип ийбе, чукуп ийбе» – деп текшерип турат. Эмне үчүн антет, билбейм. Менин төркү үйгө такыр киргим келбей калды. Ал жактын терезеси сонун болчу. Дарактардын башына чымчыктар келип кончу, чабалекейлер кубалашып ойночу. Алар эми мебелдин ары жагында калышты.

Бир күнү мурдум кычышып, таноомон суу акты. «Кокуй этиң от менен чок, ооруп калыпсың» – деп апам мебель комнатага жаткырып койду. Мен ооруганыма аябай сүйүндүм. Акырын туруп, терезеге бардым. Курсактары чоң-чоң чымчыктар олтуруптур. Түндө Индиядан учуп келишсе керек. Балдар суу кечип жарышып жүрүшөт. Эрик башына жыртык чака кийип, чуркап баратыптыр, белине кыркалекей жалбырактарды байланып алыптыр.

– Эрик! Эрик, беркел. Мени көрдүңбү?!

– Айный, барбайм, апаң урушат, – деди Эрик.

– Апам үйдө жок!

Эрик кирип келди. Ал мебелди такыр көргөн жок. Колу суу, шымында кичинекей баткак жүрүптүр.

– Токто, шымыңды чеч! – дедим мен Эрикке.

Ал эчтеме түшүнгөн жок.

– Колунда мык жокпу? Чийип ийбе, чукуп ийбе... биздин мебель...

– Канакей мебель? – деди ал, дагы эле көрбөй.

Аңгыча апам кирип келди, ал Эрикти колунан катуу кармап, эшикке чыгарды. Мен ыйлап жибердим.

Ошондон кийин Эрик биздикине баш бакпайт.

Менин апам эң жакшы, апамды эч кимге теңебейм, жалтыраган мебелге дагы.

Апам, кээде атам да мебелин кебез менен сүртүшөт. Баары бир мен мебелге абдан капамын. Көп мебелден көрө мага төркү үйдүн терезеси жакшы болучу.

*Мекен БОЛОТОВ*

# КҮЗ БЕЛГИСИ

– Апа, билесиңби?

– Жок, билбейм.

– Бизде бар эмеспи, кызык окуя болду.

– Ал кандай окуя?

– Эжейибиз кызык киши экен. Класска кирээри менен эле суроо берди. Эч ким унчукпайт, олтура беришти, олтура беришти. Бирөө да жооп кайтарган жок.

– Суроосу кыйын болсо, жооп кайтара алышпайт да. Ал кандай суроо берди?

– Опоңой болчу. «Күздүн кандай белгилерин билесиңер?» – деп сурады. Анан балдардын эч кимиси унчуккан жок.

– Билсең, эмне үчүн жооп кайтарган жоксуң?

– Мен жооп берейин эле дегем. Ордумдан тура калсам, эжей: «Кайда барасың?» – деп сурады. Айгүл болсо этегимден тартты. Дагы бирөө «колуңду көтөрбөйсүңбү» – деди. Карасам, Мирбек экен. «Мен фашист белем?» – дедим. Балдар да, эжей да каткырып жиберишти. Көпкө чейин күлө беришти. Анан эжей менин жаныма басып келди. Анан эркелетип, башыман сылады. Анан... Анан...

– Шашпай сүйлөчү.

– Шашкан жокмун. Анан... анан... эжей күлүп жатып: Бир нерсени айтуудан мурда, суроо сурагың келсе, же менин суроомо жооп кайтарсаң, колуңду көтөрүшүң керек. Мектептин тартиби ушундай болот. Мен уруксат берсем, ордуңдан туруп сүйлөгүн, уруксат бербесем, унчукпай отура бер!» – деди.

– Ии, туура айткан. Ар нерсенин өзүнчө эрежеси болот. Демек, тартипти сактоо керек, – деди апасы.

– Эжей качан уруксат берет деп, күтүп эле жүрө беремби?

Такыр сүйлөбөймүнбү?

– Сени сүйлөбөйсүң деп эч ким айткан жок. Класста олтурганда гана сүйлөбө, Дем алышка чыкканда, ойногонуңда, үйгө келгениңде каалашыңча сүйлөй бер. Класста канча окуучу экенсиңер?

– Отуздан ашык.

– Мына көрдүңбү? Кезек күтпөй отузуңар тең сүйлөсөңөр эмне болот? Бозочунун үйүндөй чуулдакка толуп кетпейби! Ошондуктан тартипти сактап, руксат алып сүйлөөгө тийиишсиң.

– Түшүндүм.

– Анын үстүнө эжеңер жалгыз эмеспи. Баарыңар чуулдасаңар кимиңердин сөзүңөрдү угат. Ии эми сөзүңдү уланта бер.

– Күз келгенде алма бышат, – деди Айгүл.

– Туура жооп.

– Марат болсо, «күз келгенде каркыралар кайтышат», – деди.

– Эң туура айтыптыр.

– Дүйшөнбек «дарактардын жалбырагы саргаят, жамгыр көп жаайт, түнкүсүн чөпкө шүүдүрүм түшөт», – деп айтты. Эжей баарыныкын туура деди. «Арпа, буудай, жашылча, жемиш... баары күздө бышат. Бирок, күздүн дагы бир белгиси бар. Кана, ошол белгисин ким айтат?» – деп сурады. Мен: «Күз келгенде окуу башталат», – дедим. Эжей мени аябай мактады. Эми мен күздүн бир белгисин окуунун башталышы деп түшүнөм.

– Туура айтасың, уулум. Күздүн негизги белгилеринин бири – окуунун башталышы. – Апам маңдайымдан сылады.

# ЭМНЕ ҮЧҮН АСМАН КӨГҮЛТҮР?

Күн ачык мезгилдерде башыңарды көтөрүп асманды карасаңар. Анын түсү кандай? Эмне үчүн ал көгүлтүр түскө боёлгондой татына көрүнөт?

Силер асманды кандай деп түшүнөсүңөр? Анын жандырмагын баары аба дешет. Эгерде асман аба болсо, анда түсү жок болбойт беле, анткени аба түссүз, туптунук да.

Ошол себептен силердин сурооңорго жооп берип, асмандын көгүлтүр түрүн түшүндүрүп бергибиз келди.

Аны билиш үчүн Күн нурунан баштайлы. Күн өйдө көтөрүлгөндө ирени күмүш түстө көрүнгөнүн байкап, таң калаарсыңар.

Күндүн түсү окумуштуулар далилдегендей, жети түстү өзүнө камтыйт.

Алар кызыл, сары, жашыл сары, көк, көгүлтүр жана кызгылтым. Аны өзүңөр да текшерип көрсөңөр болот. Ал үчүн үч бурчтуу айнек керек. Күн нурун томпок айнек менен тосуп, анан үч бурч айнектен өткөргөндө, ар кыл түстөгү шоолалар пайда болот.

Күн өз нурун жерге жиберет. Бирок, ал нурлар жерге жеткиче калың аба катмарынан өтөт. Аралыгы миллиондон ашык чакырымдар. Аба жерди өзүнүн калың катмарлары менен курчап турат. Ошол калың аба бөлүкчөлөрү Күндүн нурун туш-тушка чачыратып таратат. Андай чачыратма фокус көк жана көгүлтүр түрлөргө туш келгенде, асмандын ирени көгүлтүр болуп көрүнөт.

*Кубанычбек АДАМАЛИЕВ,*
*врач- илимпоз.*


КЕЛГИЛЕ,
ЫРДАЙЛЫ

## ЧУНГА-ЧАНГА

*Сөзү: Ю.Энтиндики*
*Обону: В.Шаинскийдики*
*Которгон: С.Жусуев*

Чунга-Чанга – көпкөк асманы,
Чунга-Чанга – күндө жапжаңы.
Чунга-Чанга – мында жыргайбыз,
Чунга-Чанга – шаттуу ырдайбыз!

*Кайырма:*

Укмуш – арал, укмуш – арал,
Мында келген жыргал табар,
Мында келген жыргал табар,
Чунга-Чанга!
Бул бактылуу арал дейбиз,
Кокос жейбиз,банан жейбиз,
Кокос жейбиз,банан жейбиз,
Чунга-Чанга!

Чунга-Чанга – жерсиң табылбас,
Чунга-Чанга – кайгы кабылбас.
Чунга-Чанга – сени жайлаган,
Чунга-Чанга – кетпейт кайрадан.

*Кайырма:*

Укмуш – арал, укмуш – арал,
Мында келген жыргал табар,
Мында келген жыргал табар,
Чунга-Чанга!
Бул бактылуу арал дейбиз,
Кокос жейбиз, банан жейбиз,
Кокос жейбиз, банан жейбиз,
Чунга-Чанга!

# БИРГЕ ЖҮРСӨ ДОСТОРУМ

*Сөзү: Т. Таничтики*
*Обону: В. Шаинскийдики*
*Которгон: С. Жусуев*

Жолго чыксам дос менен,
Сезем дем кошконун.
Достор жокто алсызмын,
Күч кошот досторум.

*Кайырма:*

Аптаптын табын да,
Жылдын жамгыр, карын да,
Тоотпоймун достор барында.

Кыйындыктан арылам
Достордун күчүнөн.
Акыл кошсо досторум,
Ар ишке түшүнөм.

*Кайырма:*

Аптаптын табын да,
Жылдын жамгыр, карын да,
Тоотпоймун достор барында.

Жалтанбаймын аюудан
Жанымда дос болсо.
Ал учурда аюунун
Чын досу жок болсо...

*Кайырма:*

Аптаптын табын да,
Жылдын жамгыр, карын да,
Тоотпоймун достор барында.

# БИЛЕ ЖҮР



Дүйнөдө уктабаган жаныбарлар жок. Баары укташат. Ал тургай, айрым өсүмдүктөр да уктайт.

* * * *

Айбанаттардын эң уйкучусу – аюу. Ал уктаганда дабыр-дубур, ызы-чууну такыр укпайт. Ышкырган катуу шамал да ойгото албайт. Ошондуктан аңчылар көбүнчө аюуну уктап жаткан жеринен колго түшүрүшөт.

* * * *

Экинчи уйкучу – шимпанзе. Ал күнүгө 12-13 саат уктайт. Баарынан эң аз жана сергек уктагандар куштар менен коёндор.

* * * *

Ал эми аз уктап, ал түгүл уктабай жүрө берчүлөр тобуна дельфин, пил, жылкы кирет. Пил менен жылкы тик турган калыбында 10-20 секунд үргүлөп алат. Түлкү, кашкулак, жарганаттар болсо жылуу жерлерге жайгашып алып укташат.

* * * *

Баарынан да жираф кантип уктайт? Аныкындай узун моюн жок, уктаганда кантет? – деген суроо туулушу да мүмкүн. Уктаганда моюндарын дого сыяктуу ийип алышып укташат.

* * * *

Сууда жашоочулардыкы да өзүнчө кызык. Тюлень уктаганда көзүн жуумп, бирде сууга батып, бирде калкып жүрө берет. Жанында күзөтчүлөрү болот. Балыктар деңиз түбүндөгү уюгуна кирип алышып, же суу өсүмдүктөрүнүн арасына жашырышынып укташат.

# ПАЙДАЛУУ КЕҢЕШТЕР



# МУХАММЕД ПАЙГАМБАРДЫН ОСУЯТ- КЕҢЕШТЕРИ

- Адамдарга кең пейил болгула. Ошондо гана алар силерге да кең пейил мамиле кылышат.
- Жакшылыкты түсү ийги, кабагы ачык адамдардан гана күткүлө.
- Баардык нерседе адил болгула. Адамдар менен сүйлөшкөндө түсүңөр жылуу болсун.
- Ыймандын жакшысы – сабырдуулук жана кең пейилдүүлүк.
- Байлардын үйүнө көп бара бербегиле. Ал – Теңирдин өзүңөргө берген ырыскы – насибине каниет албагандык болуп калат.
- Кийин – соң кечирим сурачу ишти аз жасагыла.
- Өтө-мөтө чоң күнөө болбосо, абройлуу, намыс-уяттуу кишилердин кемчил иштерине, жаңылыштыктарына кечирим менен мамиле эткиле.
- Адам баласы көп жаңылыштыкты – тилинен табат.
- Адамдын жакшысы – ачуулуу эмес, эгер ачууланса да тез кайтчу адам.
- Жаман адамдар – ачуусу чукулдар, анан да ачуусу узакка таркабастар.
- Бактылуу адам ким? Ал ар балээден оолак жүрүп, бирок кокусунан бактысыздыкка кабылган кезде сабырлуу болгон адам.
- Ар бир адам таякесин өз атасындай сыйлап, урматтоосу зарыл.
- Ар нерсенин чеги бар. Башына бакыт конгон адам өзүн жакшы алып жүрсө андан жакшылык күтүүгө болот. Ал эми, көөдөнүнө нан бышырып, менменсинсе – үмүттү үзүп койгула.

- Көрбөгөн түшүн көргөндөй кылып айтуу – жалганчынын эң жаманы.
- Силер адамдарды байлык менен кызыктыра албайсыңар. Андан көрө ачык жүз, ак ниет пейлиңерге ишенгиле. Чын кубаныч ушуларда.
- Эки нерсени: жетимдер менен аялдардын акысын жегендер - арам адамдар.



# МАЗМУНУ

*Токтосун САМУДИНОВ*
**Жаз гүлүнө Аты уйкаш**.....2
*Чыңгыз АЙТМАТОВ*
**Кадамдай бер, «Байчечекей»!**.....4
*Сооронбай ЖУСУЕВ*
**Байчечекей**.....7
**Күн менен торгой**.....8
**Жаз келгенде**.....8
*Жалил САДЫКОВ*
**Чымылдак**.....9
**Кандай жардам беремин?**.....10
*Жолон МАМЫТОВ*
**Биз жетели биринчи**.....11
*Абзий КЫДЫРОВ*
**Тоңкулдак**.....12
**Кубанга эмне жакты?**.....12
*Токтосун САМУДИНОВ*
**Чегиртке**.....13
**Чоң ата**.....13
*Асан ЖАКШЫЛЫКОВ*
**Акматбектин жоругу**.....14
**Эмил ооруп калыптыр**.....14
*Байтемир АСАНАЛИЕВ*
**Чоң атам**.....15
**Карга**.....15
**Сагызган**.....15
*Каныбек ЖУНУШЕВ*
**Апам**.....16
**Ийне**.....16
**Жылан**.....16
**Күчүгүм**.....16
**Короз**.....16
**Момпосуйдун тилеги**.....16
*Акбар РЫСКУЛОВ*
**Чапкыла**.....17
*Жакыпбек АБДЫЛДАЕВ*
**Таппай калсак – жарабас**.....18
**Күчүк күлөт**.....19
**Өткүн**.....19
**Жаз келгенде**.....19
*Жолоочу РЫСПАЕВ*
**Токойдогу окуя**.....20
*Сулайман РЫСБАЕВ*
**Шаардагы бөбөккө**.....21
*Нурпаис ЖАРКЫНБАЙ*
**Жүрсөңөрчү талашпай**.....22
*Жээнбай МАМБЕТАЛИЕВ*
**Шашамын**.....23
**Көлдө**.....23
**Кел, келегой**.....23
*Асанбек ИМАНБАЕВ*
**Чоңоё түштүм**.....24
**Тепсетип алам**.....24
*Нариман Баки-ЗАДЕ*
**Эмне таттуу баарынан?**.....25
*Ысмайыл КАДЫРОВ*
**Чиркей**.....26
**Сөздүк ыр**.....26
**Балаты**.....27
*Эшманбет ТОКСОЕВ*
**Мен учурган**.....28
**«Беш өрдөк»**.....28
*Нургазы АХМЕДУЛИН*
**Мен учурган «беш өрдөк»**.....28
**Кана эмесе, табалы**.....29
*Кубанычбек АДАМАЛИЕВ*
**Тапкыла!**.....30
*Бергеналы БАЗАРБАЕВ*
**Ата-энеңдин аты ким?**.....31
*Адашбек АЖЫГУЛОВ*
**Кичинекей минара**.....32
*Тургуналы МОЛДОБАЕВ*
**ТИЛЕК**.....33
*Салкын БЕГАЛИЕВА*
**Кар жаады**.....34
*Арзыкан МОМУНТАЕВА*
**Арча ыры**.....35
*Аманат КАЧИЕВА*
**Жардам**.....36
*Тууганбай КАСЫМАЛИЕВ*
**Шылдың кылып жүрөлү**.....37

**«МАНАС» – УЛУТТУК СЫЙМЫГЫБЫЗ**
*Кубанычбек МАЛИКОВ*
**Манастын уулу семетей**.....39

**ЖАТТАП АЙТ**
*Исабек ТОКТОГУЛОВ*
**Кирпи**.....41
**Ташбака**.....41

**ТАБИЯТ КАЛЕНДАРЫ**
*Т. Мидинов*
**Январь**.....43
**Февраль**.....44
**Март**.....45
**Апрель**.....46
**Май**.....47
**Июнь**.....48
**Июль**.....49
**Август**.....50
**Сентябрь**.....51
**Октябрь**.....52
**Ноябрь**.....53
**Декабрь**.....54

**ЭМНЕ ҮЧҮН МИНТИП АЙТАБЫЗ?**
*Т. Мидинов*
**«Ити чөп жей баштаптыр»**.....56
**«Казанын сууга салып коюптур»**.....56
**«Бешигин терметкенсип»**.....57
**«Ыйлап жүрүп арык чап, ырдап жүрүп суу сугар»**.57
**«Артында коңгуроосу бар»**.....58
**«Суу төгүлбөс жорго»**.....58
**«Колу ойногондун оозу ойнойт»**.....59
**«Бул китепке тишиң өтөбү?»**.....59
**«Нысапсызга кашык салсаң, беш ууртайт»**.....60
**«От ала келгенсибей»**.....60

**КЕЛГИЛЕ, ОЙНОЙЛУ**
**Айлар, күндөр**.....62
**Коёнго аң уулоо**.....62
**Аңдагы карышкыр**.....63

